
С кырг
Т 25
25

...мышак
...ташбаев




# Жандуу топурак



С кирг
Т25

Кармышак Ташбаев

# Жандуу топурак



ПОЭМАЛАР ЖАНА ЫРЛАР

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ
...ССКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 401943

Фрунзе
«Адабият» 1990

ББК 84 Ки 7—5
Т25

Сүрөтчүсү *У. Осмоев*

**Ташбаев Кармышак.**

Т 25 Жандуу топурак: Поэмалар ж-а ырлар /Сүрөтчүсү У. Осмоев. — Ф.: Адабият, 1990. — 112 б.
ISBN 5-660-00050-9


Бул китепке кыргыздын белгилүү акыны Кармышак Ташбаевдин калеминен жаңы жарык көргөн ысык жан ырлары жана поэмалары топтолду. Адаттагыдай эле калемгердин чыгармачылыгына патриотизм менен ширелишкен интернационалдык дух, философиялык маанай мүнөздүү.

В поэтический сборник уже известного поэта вошли лирические стихи и поэмы, написанные в последние годы. Стихи Ташбаева, проникнутые духом интернационализма, полны философского звучания.

**Т** $\frac{4702300200—}{М\ 455\ (11)—89}$ **30.90** **ББК 84 Ки7—5**

ISBN 5-660-00050-9 © «Адабият» басмасы, 1990-жыл.

# ПОЭМАЛАР



## ЖЕР КИНДИГИН АЙЛАНУУ

(Памирден репортаж)

### 1. Кызыл-Арт дабаны

Мен жолгата тынчыта албайм санааны:
«Баралекпиз, демек, баары караңгы!
Эсен-аман кабылбастан түтөккө
ашып өтүп кетсек экен дабанды?!»

Улам-улам мотор үнү дүрүлдөп,
Памир жолу дөңгөлөккө түрүлөт.
Артта калды Чоң-Алайдын түздөрү
Жер айланып артыбызга сүрүлөт.

Моюн бербей куюн-чаңдын күчүнө;
бир аз токтоп такат кылбай кичине
кирип кетип бара жаттык зыпылдап
ашуу беттеп капчыгайдын ичине.

Бир карасаң аска, тоолор жан-жагын,
Суулар агат кудайга айтып арманын...
Ак мөңгүлөр тоону минип алышкан
тоону ныктап, тоого салып салмагын.

Биз келебиз далай жерди арытып,
катуу жүрүп шамал менен жарышып.
Артта калды далай ашуу, далай бел
бел экенин, ашуу экенин таанышып.

Эми мына кылчайып бир караңыз,—
Өмүр өтүп, эр жетүүдө балабыз?!
Бараткандай ашуусуна өмүрдүн
биз дабанга чыгып кетип барабыз.

Эми бизди бийиктиктер башкарды,
кычыратып жолдо кумду, таштарды,—
зымыраган ылдамдыкты жоготуп
кыбыраган кызык кыймыл башталды.

Чыгышсын! — деп,— өлбө жаным, өлбөлөп,
тээ алыста дабан жаткан өңдөнөт.
Кыя жолдо араң-араң кыбырап
машинебиз келет жолдо жөрмөлөп.

А жол жиптей ийри-муйру өрүлөт,
ылдамдык жок! — баарын даана көрүп өт!
Алдыдагы жүк көтөргөн машина
коңуз жылып бараткандай көрүнөт!

Көңүл ойлуу, көп нерсеге байланат,
көп көрүнүш көзгө түшөт айдан ак!
Жаргылчакты айлантkансып кол менен
дөңгөлөктөр араң-зорго айланат.

О дабандын келет тынбай куну ашып,
демиктирип көкүрөктү чуу басып.



Ойдуң жердин оодарылбас ташындай
жылбай жатып алган сымак убакыт.

Оту кайтты дабанга айткан саламдын,
күчү кетти жазып жаткан каламдын —
баш айланып ава жетпей араң жан
өркөчүнө чыгып бардык дабандын!

### 2. Маркан-Талаа — Памирдин дарбазасы

Мен бул жерди карайм такыр түшүнбөй:
Бу кудайдын өрөөнү экен не деген?
Ойлор келет жин-шайтандын түшүндөй
мен сүйлөшүп барам тынбай жер менен.

О жер десең — ага такыр окшобойт,
табалбайсың жерден чымчым топурак.
Шамал учат тыным жок токтобой
тоолор киймин чечкен бойдон олтурат!

Өрөөн учуп сага каршы келатса,
жатат сайлар кум, шагылга киринип...
Бүт тоолордун коктулары келет да
бул талаадан калган баары биригип.

О бул өрөөн канча дагы жыл турат?
Кум, чопо, таш — калган жерди саймалап.
Бороон согуп туш-тараптан ыркырап
ортолукта куюн болуп айланат.

Эми эле сен шамал жиреп баратсаң
аздан кийин агымында каласың...
Бир жаңылып тагдыр шундай жараткан
Маркан-Суунун дал мына ушул талаасын.

А Маркан-Суу аздан-аздан куралып
агып жаткан сансыз суунун бириндей,

кум, шагылды жээкке сүрүп чыгарып
Синьцзянга кирип кетет билинбей!

Бар болсо эгер жерди ыйык деп сыйынуу
сыйынмакмын Маркан-Суугa адатта!
Чаң чыгарып бороон менен куюну
учат тынбай өз башы оогон тарапка.

Бул кызыктар жаралбаган кылымсыз,—
тынбай карап таңдануудан башкамын!
Шамал үйлөп бороон чегип тынымсыз
айбанатка айландырган таштарын!

Турган менен бороон жүрүп уюлгуп,
бардык жердин асманындай асманы.
Эске түшөт: «Өрөөнү деп куюндун» —
саякатчы Марк Полонун айтканы.

Аскалары муштам болуп уруйган,
туш тараптан сели кетет, сай калып.
Тоолор турат булчундары буруйган
кумдуу, таштуу бул өрөөндү кайтарып.

### 3. Кара-Көл

Маркан-Сууну артка таштап келатып
тынчый түштү уйгу-туйгу санаабыз.
Ээрдей кайкы кичинекей бел ашып
Кара-Көлгө кирип кетип барабыз.

Тээ алыстан күн нуруна чагылып
көрүндү эми Кара-Көлдүн кулагы.
Мөңгүсүнө адам көзү карыгып
ак баш тоолор аалам тиктеп турабы.

Жол зымырап түшүп барып өрөөнгө
Эми мына чыгыш жакка бурулду.



Мыдыр эткен өсүмдүк жок көрөргө
терезеден шамал ыры угулду.

Айланасы тоолор менен тосулуп
талаа жатат ачып салып курсагын.
Көл ичинде арал уктайт кошулуп
түндүк жакка суна таштап буттарын.

Жердин өңү агарганбы шородон?
Алды жакка карайм улам күнөмдүү.
Жолдун кээ бир бурумдарын торогон
кардан эмес, кумдан бүткөн ширенди.

Бир катылуу сырлар бардай баарында
(табийгаттын кучагына кирсеңер).
Көлдү бойлоп анын бери жагында
жатат жашыл гөдөө баскан тилкелер.

Улам тынбай бийиктиктен өрдүгөм,
көкүрөгүм туз куйгандай ачышат.
Канча суулар агып келген мөңгүдөн
көлдү көздөй агып бара жатышат.

Тегеренме, жолу бир аз кайырма
болжогонго жетели деп шашылмак.
Тээ алыскы көл четинде айылга
биз келебиз улам-улам жакындап!

Биринчи айыл. Биз турабыз батынбай,
Көл жээгинде таштар жатат уруйган.
Мүйүзү жок токол уйдун башындай
тамдар турат чатыры жок мулуйган!

Бороон көптүн таанытат дейт атасын.
Жер боорунан жатса баарын шыпырып,
анан кантип чатырлуу там жашасын?—
Чатыр эмес ташты жатса учуруп!

Эмнегедир талаа бети кубулат
каршы-терши аккан нурга чайканып.
Тоолор турат көктү челип зымырап
Кара-Көлдүн бейпилдигин кайтарып!

**4. Тоо боёктору**

Далай жолду биз келебиз арытып,
бирок, койдук бир учуна чыгалбай.
Дене бойду барган сайын талатып
а жол жатат сойлоп кеткен жыландай!

Сен жүргүнчү такат кылбай карагын
көңүлүңө көп ойлорду келтирет.
Таң калычтуу нерсе бардык тарабың,
Окшош тоолор көктү челет мелтиреп.

Адырлары төмөн салып баштарын
кербен өңдүү чөгүп жаткан төөлөрү.
Шамал жалап жалтыратса таштарын
буурулданып күдүрөйөт кээ жери.

Жердин бети боёгондой ыраңга
турат улам түркүн түстө кубулуп.
Бийиктикте акыл жетпей турам да
көкүрөгүм бараткансыйт думугуп.

Сайлар жатса көмөк кумга боёнуп,
адыр боору келтирилип бир өңгө,
а коктулар тоолор менен торолуп
сырдалыптыр кочкул-кара, күрөңгө.

Тоолор уктайт бири-бирине окшобой,
тазкарындай адырлар бүт катталып.
Шамалына боз кум агып токтобой
жолду торойт суу милдетин аткарып,



Колду созсоң мына жете тургансып
жакын эле жерде турат асманда Ай!
Нурлар нурга, ырлар ырга сырдашып
бир бүтүнгө тутумдашып калгандай.

Маңдайыңдан кээде чыгат жазы жар
бырышы жок бир жеринде карыбай,
күдүрөйүп күрөң тартат адырлар
күнгө күйгөн жып-жылаңач далыдай!

**5. Ак-Байталды беттеп**

Муз-Төр жана Ок-Салдыны аралап...
Миң бөлүндү болот кээде санаабыз.
Төрт жарым миң метрдеги Ак-Байтал
ашуусун биз беттеп кетип барабыз,

Ашуу алыс. Өр карабайт жашыңа,
артка жүгү кетенчиктеп тартылып,
прицебин канча дагы машина
тарталбастан кеткен мында калтырып.

Орун алып бир коктунун төшүнөн
ашуу жолу жатат ийри жыландай.
Анын ар бир бурумунда экиден
машиналар токтоп турат чыгалбай.

Кенен. Өрлүү даңгыраган жол туруп
мотор араң жүрөк согот деги не?
Улам-улам акырындап олтуруп
чыктык мына Ак-Байталдын белине.

Өркөчтөнгөн тоо ойгонуп түшүнөн
кадуулашып качты тоонун кийиги.
Дүйнөдөгү ашуулардын ичинен
Бул Ак-Байтал бийигинин бийиги.

Ак булуттар катарлашып жылгансыйт
жик-жик болуп бузбай өз-өз калыбын,
Ашуу айбаттуу карап коюп тургансыйт
ширенкедей машиналар агымын.

Ким айталат жолдо жүрүү жеңил деп,
Каранасың эки жакка элендеп.
Машинанын мотору да жеңилдеп
жол Мургабка кирип барат төмөндөп.

**6. Мургаб, Мургаб...**

Мургаб, Мургаб! — сага айтабыз саламды!
О биз сага келдик абдан кечигип.
Аймагыңда алгач шилтеп кадамды,
угуш үчүн сырларыңды чечилип!

Бардык элиң байланышып жыл маалы,
сенден алат саясатты, кеңешти.
Сары-Колдук кыргыздардын мындагы
ишенимдүү калаасы сен эмеспи.

Сен дүйнөнүн чатырында турасың,
сен бийиксиң жана дагы жолуң ак!
Ким сураса айткын сөздүн ырасын,
ким келсе да сага келип жолугат!

О сен айткын эмне болсо көңүлдө,
өз доошуңду кошкун заман ырына.
Кантип чыгып алгандыгың жөнүндө
бул «дүйнөнүн чатырынын» кырына!

Эч кана элек көкүрөктө эңсөөбүз!
(Качан болсо бийиктиктин жолу улук!)
Мына биз да Ала-Тоодон төртөөбүз
келип алып олтурабыз жолугуп!



Өз боюнан муздак шамал агылтып,
көк муз каптап айбаты зор кылычтан,—
батып кеткен күндүн нурун чагылтып
Музтаг-Тоосу сөөлөт күтөт чыгыштан.

Канча тикте — бир башкача ажайып
сезимдерди көөдөнгө жык келтирет.
Канча дагы алыстыктан шаңкайып
көздүн жоосун алып турат көк тиреп!

Азыраакка токтоп калган күнү жок
Муздаг-Тоодон шамал урат жүлүнгө.
Кулак-мурун кескен өңдүү үнү жок
Мургаб дайра агып жатат тигинде.

Түн да кирди. Уктай албай жатамын.
Көзүм биртке илинсе деп зарылам.
Эс алуудан башка жоктур чатагым
уйкум качып кеткен өңдүү жанымдан.

Анан туруп терезеден карасам:
табышмактуу шоолалардын оюну...
О табийгат бу не деген тамашаң? —
Сен карт Памир нурдун белең коюну?!

Тоолор дайын бир-биринен бөлүнүп,
айлана бүт ай тийгендей жап-жарык.
Түн ичинде бу не деген көрүнүш?
ишеналбай карайм тынбай калтаарып!

Ойлоп, ойлоп түшүналбай кетемин
Мургаб деген сөздүн эмне экенин?
Нур деген сөз тиешелүү болбосун
деп ойлонуп таппайм ойдун эсебин.

Мен өмүрдү жашаймын болжоп-туштабай.
(Келээр иштин аралыгы канча алыс).

Чыгып кеттим таң аткыча уктабай
нур ойногон түндөрүнө таң калып.

Эртесинде барып келдик акырын
Дайра бойлоп биз Мадиян тарапка.
Мынча жайдак? — жетпей келет акылым
бул тоолорду аралап да, карап да?..

### 7. Аличур өрөөнү

Биздин бул мингенибиз УАЗ — күлүк!
Жол кыйрын дөңгөлөктөр барат түрүп.
Жүрөбүз канча күндөн бери жакка
«дүйнөнүн чатырында» өмүр сүрүп.

Кээ-кээде дем кыстыгат ава жетпей,
Жыланач шагыл кийип күнгөй-тескей...
«Бул жерге кыргыз качан келди?» — деген
жалгыз ой көкүрөктөн турат кетпей.

Кеңдиги карт Памирге такыр сыйбай
Аличур жатат асман кыйырындай.
Бир саат жол бул талаанын бетиндеги
созулуп кеткен өңдүү узак жылдай.

Сөз жетпейт бул түздүктү айткан менен,—
үстөлдүн үстү сымал тегизделген.
Алыста эки жагын тоолор курчап
адам эй! — көз кайкытып жатат өрөөн.

Утуру жылт-жулт этип нурга жанган,
жакындап барган сайын көлөмдүү андан,—
кыйырсыз деңиздеги арал өңдүү
ортого бир жаш сепил бүтүп калган.

Чатыр-Таш — чынында эле сепил сымак.
Үстүнө жалгыз чыйыр бир жол чыгат.



Ансыз ал бийик дагы, көрктүү дагы
шаңкайып сырын катып көккө умтулат.

Сулуулук эмес бекен чыны мына —
алыстан чөгүп жаткан кара буура.
Табийгат карт Памирдан бир үзүмүн
көтөрүп алып келип колу менен
койгондой Аличурдун ортосуна.

Агарып өчүп-жанып, кайра бирде,
кубулуп бозоруңку келип түргө
жайнаган боз үйлөрдүн айлы турду
кыйырсыз Аличурдун этегинде.

### 8. Ак-Балык

Арытып чексиз жолду биз да, демек,
келдик бейм Ак-Булакка.
Келген келет.
Бул бир көл суулары аппак, балыгы аппак
ботонун көзү сымак теп-тегерек!

Сүрүлүп суу ыргагы желге бирде
жыбырап майда толкун кирет тилге.
Катылып кандайдыр бир сыр жаткансыйт
капырай ушул көлдүн тереңинде.

Суктанып карап турсаң эки-үч мүнөт
деги эле көл дебейсиң — тарткан сүрөт.
Байкасаң катарынан ак балыктар
бул көлдүн түпкүрүндө сүзүп жүрөт.

А мурун ушул көлгө эл келгенде
балыктар сүзүп келип жакын жерге,—
жем чачса талашып жеп кете турган
жарыша сүзүп ойноп көл бетинде.

Бир ач көз күнү келип амал табат
Кутуга дары салып көлдү жарат?
Ошондон бери карай адам келсе
балыктар жээкке сүзүп келбей калат.

Ал эми көлдүн тиги этегинде
жөнөкөй балыктар көп,— сүзөт миндеп.
Ак таштын коңуруна колду салып
ала бер канча болсо бирден иргеп.

Ак-Балык көлдүн суусу кагаз сымак
ап-аппак. Аккан жерге толук турат.
Аттиңай, ак балыктар көл ичинен
айбыкпай адам келсе качан чыгат.

Жанында көлдү тиктеп түшүнбөдүм:
бейишти көргөн өңдүү түшүмдөгү...
Ак-Балык жатат мында аппак болуп
сүт өңдүү ак чынынын ичиндеги.

Капыстан ойго баттым карап туруп,
капырай карт Памирди караштырып,—
табийгат бир сулуулук— Ак-Балыкты
бул жерге калтырган го жараштырып.

### 9. Түнкү ыр

Канча да жакшы деген жерди көрдүк.
Мынаке, бийиктикке бир аз көндүк.
Бул күнү Пил-Ташка биз бир аз токтоп
акырын Булуң-Көлгө түшүп келдик.

Бир өрөөн туш-тарабы жылга-жылга,
он-он беш боз там үйлөр турат мында.
Мелтиреп жашыл килем жайган өңдүү
муштумдай таш табылбайт мындан бир да.

Көлү бар имерилиш — толкуп турат.
Көл көздөп тоонун суусу агат чурап!



Бул өрөөн тоолор тосуп
ортолукта
калган бир кичинекей булуң сымак.

Кечке маал жумушчулар келди чөптөн...
Эл менен жолугуштук күткөн көптөн.
Алпарып анан бизди киргизишти
боз үйгө — кыргыз туулуп, кыргыз өскөн?!

Алдыга түркүн даамдын келди баары.
Ыйбалуу бул аймактын аялдары...
Бул түнү бирге олтуруп ырдап берди
«Ак ноода» деген ырды Эргеш кары:

«...Ак шайы кийген сизче жок,
Ай чырайлуу ак ноода
Ааламда күйгөн бизче жок.
Көк шайы кийген сизче жок,
Көп чырайлуу ак ноода
Көргөндө күйгөн бизче жок.
Далың толгон кара чач,
Сылабадым ак ноода.
Дарт ышкыңа мен күйүп
Чыдабадым ак ноода.
Ак көйнөгүң чечен гүл
Ай чырайлуу ак ноода
Ажырап кеттиң эсен жүр.
Көк көйнөгүң чечен гүл
Күн чырайлуу ак ноода
көрүнбөй кеттиң эсен жүр.

### 10. Коктуларды өрдөп

Кайда калды биздин аймак — калаа, бак?
өрдөп жаткан коктуларды салаалап,—
тоо койнунан улам чыгып суурулуп
кайра тоону биз келебиз аралап.

2—145



401943

Шамал учат жер чаңытып кайыгып
А Найза-Таш көккө калган сайылып!
Этегинде жып-жылаңач тоолордун
ак бадырак аркар тобу жайылып.

Бир айыл жок. Жолукпады бир да адам,
канча жүрдүк — чыгалбадык жылгадан...
Жалгыз гана матор менен жарышып
кубанычтуу Токон келет ырдаган.

Миталиптен:
— Береличи акыңы,
айтчы жолдун ушу беле жакыны? —
Десе күлөт. Анан барып туш болдук
ээн жердеги бир короого акыры

Сансыз тоолор, сансыз кокту — таң калам,
баарын ээндик, баарын боштук жандаган.
Жердин көркү такыр чыкпайт турбайбы
жүрбөсө эгер, аралай чаап анда адам.

Ава салкын, анан дагы тап-таза,
тоонун түсү, жердин өңү башкача.
Жолдун деле көркү болбойт көрүнөт
Адам буту аркы-терки баспаса?!

Башка үй жок бул аймакта бир дагы...
Ээн тоону, ээлеп бардык жылганы,
малын багып, көзөмөлдөп топозун
жаткан жалгыз топозчу экен мындагы.

Сулуу келин тосуп чыгып күлүңдөп
ал өтүндү:
— Жүргүлө үйгө, кириң,— деп.
А биз жолдон адаштык деп сурасак
ар коктуну айтып берди жүлүңдөп.



Биз кирбедик күйөөсүнүн жогунан,
жуурат ичтик ал келиндин колунан.
Жатат жерде карт аркардын мүйүзү
бир кезде өлгөн мергенчинин огунан.

— Эл-журтта не жаңылык бар, өзгөрүү? —
өткүр чыгат анын ар бир сөздөрү.
— Кош болгула, көрүшкөнчө? — десек биз
оттой жанып турган экен көздөрү?!

Кол булгадык, ал да колун булгады,
жолго апчыкты дөңгөлөктөр ыргагы.
«Бир сулуу жан экен» — деген бир ойду
күүлөп барат сезимимдин кылдары.

Мен сөздөрдүн калпып алып көбүгүн,
узарттым бейм ырымдын бул бөлүгүн.
Пендебиз го сулуулукка арбалып
аткарылбас жакка кетет көңүлүң.

О бул келин калды ар кимдин эсинде,
куш көзүндөй кара калы бетинде...
Бүт дартыбыз ичибизге катылып
Ысык-Сууга жетип келдик кечинде.

### 11. Ысык-Суу дем алуу үйүндө

Бул жерлерде не бар экен адамга? —
Максат үндөйт, максатыбыз жол жаман да...
Кеч күүгүмдө араң жетип келдик биз
аралашып чаңдуу боп-боз шамалга.

Сен табийгат кенендигиң,— бул анык,
керектүүнү алалбайсың суранып.
Адам буту жеталбаган ээн жерге
ысык сууну койгонуң кандай чыгарып?!

Жердин деле, анча эле эмес чырайы,
ачык, буркөк болот ава-ырайы.
Суу тийгенди анын суусу дарылайт
экземаны айыктырат ылайы.

Врач иштейт. Медсестра — ал да бар...
Шыбаат табат ооруп келген жанга алар.
Ысык суудан көл жасалып коюлган
күнү-түнү иштеп турган ванналар.

Ким келсе да кабыл алат, кең эшик.
Сыркоо менен акылдашып кеңешип,
ар бир күнү өзгөрүүнү байкашып
кан басымын турат тынбай ченешип.

Биз келгенде калды баары дүрбөшүп:
— О меймандар, келгиле, үйгө жүр — дешип.
Тоо жеринин аялдары ыймандуу
эркектерден кетти бир аз сүрдөшүп.

Башбагышып бир топ аял уламдан
көрүнүшүп жок болушту дубалдан.
Баягы эле жайдандаган кыргыздар
мейман келсе жетине албай кубанган.

Биз аткарып ой-максатын тилектин,—
көлүндө эми сүздүк мына мүрөктүн!
Сыртка чыгып отурганда эс алып
көргүн чиркин дүкүлдөшүн жүрөктүн.

О бул жерде сөздүн чыны, ачыгы,—
албаптырмын мен эсепке жашымы.
Төрт миң метр бийиктикте,
ысыкта
көтөрүлүп кетти кандын басымы.

Мен ар убак ишенгендей өзүмө
ишендирем силерди да сөзүмө:



Кайнайын деп калган суудай казанда
колду салсак куйөт суунун көзүнө.

Кал дешсе эгер калып кетээр элем мен,—
көп оорумду суу жоготмок денемден.
Карап турсаң кол күйгүзгөн кара суу
оргуп кайнап чыгып жатат тереңден.

Эрте турдук бир бөлмөгө бир жатып,
биз эл менен жолугуштук сырдашып.
Өскөн сүйлөп, а Алымкан ыр окуп
ырдап берди Токон элди жыргатып.

Түгөнбөгөн тоолор кайра айланам,
суур чаркылдап, түркүн чымчык сайраган.
Күн тоолорго көтөрүлүп калганда
андан ары жолго чыктык кайрадан!..

**12. Чечдөбө (Пост) айлында.**

Шайдылда айтты жөнөөрдө сөз аныгын:
— Биз бастык,— деп,— жолдун эми жарымын.
Кош айтышып Ысык-Сууда эл менен
келе жаттык суусун бойлоп агымын.

Шоферуна катуу коюп талапты
А Миталип айтат элдик санатты.
Улам-улам суу агымы көбөйүп
мелмилдеген дайра болуп баратты.

Дайра жээгин жашыл түскө кийдирип,
алп тоолорду бир өзүнө сүйдүрүп,—
бирде оңго, бирде солго бурулуп
жип сыяктуу жатат мында ийрилип.

Тээ алыста жылт-жулт этет баштаттар,
бир топ адам,— эрбендешип басат шар.

Шайдылданын сөзү менен айтканда.
«Алар мында пычан жайнап жататтар».

Өзөн бойлуу улам тоого тоголуп,
жып-жылаңач аскаларга оролуп,
дайра кечип өтөт дагы биздин жол
өзү турсун тоому кетет жоголуп.

Өзүбүздү алаксытып кеп менен
өттүк жолдон эч бир пенде өтпөгөн.
Анан барып жаткан тоонун койнунда
бир кыштакка биз туш болдук Пост деген.

Бир заматта катын бала жыйналып
бизди өздөрү бир боорундай ыйгарып.
Кандай алкыш айтышарын билишпей
кубангандан жатышты алар кыйналып.

Бир ортолук кыштак экен түйүндүү,
Бизди алпарып бир чоң үйгө кийирди.
Тагдыр айдап келген Оштук бир аял
өз атасы келген сымак сүйүндү.

Жетиналбай сөзгө сөздөр уланып,
ырдап бизге бергиле дейт суранып.
Аздан кийин окшош жибек кийинген
тоголок бет кыздар кирди кубанып!

Алар кыйыр карайт бизди кайрадан,—
кандай ой бар көңүлүнө байланган?
Беттеринин оту чоктой кып-кызыл
а көздөрү аянычтуу жайнаган.

Бир-биринен кыздар такыр бөлүнбөйт,—
түбөлүк бир жашоону бул төгүндөйт!
Таң калычтуу, аялдардын ичинен
эмнегедир бир да эркек көрүнбөйт!



Улам сырттан ичкериге чай ташып,
балдар менен дасторконду байкашып,—
сыртта жүрдү кыроо мурут жаш жигит,
а келиндер идиштерин чайкашып...

Кол тийгенсип ак эмчектин үрпүнө
сезим козгойт олтурушу түртүлө...
Аялдардын ууртундагы жылмаюу
бара-бара айланды бейм күлкүгө.

Тоолук элдин ойлоруна ой кошуп
аккордеондо салааларын ойнотуп,
Ага мукам созолонтуп үн кошуп
Токон жатты карт тоолорду ойготуп!

Ырлар учту алыстыкка жаңырып,
ыйык сезим ага жатты багынып!
Кыргыз ырын укkансыды карт Памир
өз ордунан тура калып кагынып!

Ыр, обондор коюн-кончо төгүлөт.
Баары муюп уксак дешет көбүрөөк.
Мөлтүрөгөн келиндердин, кыздардын
карегинде кала бердик көрүнөт.

Боорукерлик мүнөзү бар элинин,
бийик жана кеңдигин көр жеринин.
Алар бизди кетиргиси келишпей
берип жатты калктын жумшак мээримин.

А баягы Оштук келин «сөгүлүп»
ирмелбестен көздөн жашы төгүлүп,
коштошордо колубуздан өпкөнү
турат дале бүгүн көзгө көрүнүп.

«Ыргытылган таштай эле нерсеби?»
О кыз бала мен садага кетемин.

Ал «дүйнөнүн чатырына» келгендир
кармап алып да бир жигит этегин.

Бул турмуштун бороону урса уюлгуп,—
келсе керек үмүт айдап буюгуп.
Туулуп өскөн жеринен барган бирөөнү
жатпайбы ал бир боорундай туюнуп!

Тагдыр жолу жакынбы, же алысбы?
табалбайсың элдей мээрбан, калысты.
Алар бизге жол көрсөтүп берди да
аянычтуу кол булгашып калышты.

**13. Тоонун ээси**

Биз бараттык эми түштүк тарапка
ойго чөгүү оңой жолдо, адатта.
Жалгыз гана мотор үнү уңулдап
учкансыйбыз канат бүтүп канатка.

Саргыч ыраң саргайыңкы күз өңү
артта калды бир өзөндүн түзөңү.
Саартан бери келе жаткан жарышып
дайра менен кош айтыштык биз эми.

Ээндиктер — койгон сымак дубалап,
тоолор көшүп бир-бирине уланат.
Бир бел ашып суу башатын таптык да
бара жаттык анын изин кубалап.

Мына кызык чындыкбы, же төгүнбү? —
кубанычка толтуруп бүт өңүндү
тээ алыстан аппак болуп чатыры
бир жалгыз там жомок сымак көрүндү.

Көрбөгөн соң сыры кантип ачылмак,
ойногонсуп биз менен ал жашынмак,—



бир жок болуп, пайда болуп кайрадан
бара жаттык улам ага жакындап.

Ойлобойбуз жолдун жыргал, кууралын
эшигине кирип келдик туура анын.
Ак чач кемпир шаша бизге жүгүрдү
көргөн сымак эң жакынкы тууганым.

Келин чыкты жүзү жайнап, көңүлү өрт.
Бир кыз чыкты өргөн чачы төгүлөт.
Акырында карыя чыкты ак сакал
бул тоолордун ээси сымак көрүнөт.

— Келгиле! — дейт бизге көзүн жиберип,—
кайдан кайда? Конок сырын билелик.
Кана эмесе атыңардан түшкүлө
орун даяр үй жакка эми кирелик.

А биз болбой улам башты чайкадык,
аксакалдын өтүнүчүн кайтарып.
— Күтүп жатса баргыла! — дейт аксакал
бирок, турду өкүнгөнү байкалып.

Ал аңгыча, аттиң гана балалык,
жанагы кыз чыкты айран, нан алып.
Биз даам сызып жөнөй бердик коштошуп
улам кайра артыбызга каранып.

— Чалды капа кылганыбыз дурусбу?
Кийирди деп ким ушундай сунушту? —
өзүбүзчө кыжылдаштык.
Тигилер
бизди узата көпкө карап турушту.

Бул турмушта канча тагдыр кезигет,
колдон келсе бул дүйнөнү кезип өт.
Ар убакта эске түшсө бул адам
бул тоолордун ээси сымак сезилет!

### 14. Жолдогу жолугушуу

Түгөнчүдөй эмес жолдун аягы,
көп окшойт го бул аймактын баяны.
Кайда барба гүдүрөйүп кийимсиз
чөккөн тоолор жатат үнсүз баягы.

Баары-жогу кумдуу, таштуу шыгырап
Шамал гана жердин боорун сыдырат.
Асманында күндүн көзүн жашырып
ак булуттар тоо баштарын кыдырат.

Жаратылыш бизге комсоо сезилет,
канткен менен кайран жүрөк эзилет.
Суудa жакын гөдөөсү бар жерлерде
чуркулдаган суурлар кээде кезигет.

Карк, карк! — этип карга тааныш үнүнөн,
коендордун бардыгына сүйүнөм.
Чөптөн жалгыз камыш менен шыралжын
алар дагы өспөй калган түбүнөн.

Угулса да бороондун күч жаңы ыры,
кум чеңгелдеп, таш чеңгелдеп тамыры,
өсүп турат бүт кырсыкты тоготпой
жашыл тартып жалгыз гана мамыры.

Алдыбыздан тоолор чыгып, жок болуп
көп жол жүрүп кыйналганча окшодук.
Акырында мамырылар күлдөгөн
жашыл ыраң бир тектирге токтолдук.

Машинадан бүт буюмду алышып
төшөктөрдү жерге жая салышты.
Ал жактан да, бул жактан да шылдырап
тунук суулар агып жатат шылдырап.
тунук суулар агып жатат жарышып.



Кооздук чиркин көкүрөккө сыятбы?
жаратылыш музыкалуу, кыяктуу!..
Айланасы чаңкап жаткан адырга
жашыл баркут жамап койгон сыяктуу.

Бул окуя болду го сырт адаттан...
Биз аңкайып туруп калдык карап таң:
Жаныбызга бир машина эл келди
багыт алып биз бараткан тараптан.

Анан алар үнсүз азга кутүштү,
жабалактап билген өңдүү бүт иштп:
эт-май, нанын колдоруна кармашып
дарбыздарын тоголото түшүштү.

Баары тегиз кубанычтуу келишип
жатышты алар кучакташып көрүшүп.
Ортолукка кенен жайып дасторкон
бар тамакты алар жатты бөлүшүп.

Ар ким сүйөт өз кыштагын, Мекенин,
Ээн бир жер деп мен жаңылган экемин.
Кийин билдик чогулушка кетишкен
Пост айлынын эркектери экенин.

Сүйлөсөң да демиктирет, бийик — жер.
Бийиктиктин бийиктигин билип көр.
Алгыла деп ызат кылып жатышты
муруту бар шаптай болгон жигиттер.

Же бар дебей, же жок дебей мелтиреп
кээ бир адам эл ичинде өлтүрөт.
Бийиктикте ава жетпей демигип
сөз сүйлөтпөй толуп-ташат көкүрөк.

Эл да муюп аңгеме угуп, кыябы
келе калып — ыр уксак дейт сыягы.

Муну Токон биле калып,
кызарып
эки бетин албыртты бейм уялуу.

Мындай жагдай намыстантты баланы
анан ырдын ачылды бейм арааны.
Мукам овон шамал менен жарышып
музыкага бөлөп жатты талааны.

Тоолор, түздөр калган сымак сагынып
желге минип ырлар сызат агылып.
Кыргыз үнү, кыргыз ыры көкөлөп
Карт Памирдин койнунда учту жаңырып.

Козгоп жаштык көөдөндөгү тилегин
кубаныч сүйүү пайда болду билемин.
Кадимкидей жаш алдырып жашартты карыларды.

Ыр дос кылат алыс менен жакынды.
Муза доошу бүт аймакка чачылды.
Кол чаптырып кубандырып канчаны
чарчаганда Токон араң басылды.

— Артка кайра кайталы,— деп асылып,
Миталипти көндүрүптүр жашыруун.
— Жетээр жерге жетели деп эртерээк,—
андан ары жүрүп кеттик ашыгып!

## 15. Бакбур-Ата

Бир бараттык күндүн чыккан жагына,
көз тигебиз айланага, баарына:
Тегерете курчап турган түпкүчтөй
Сары-Колдун дөөлөт күткөн шаңына.

Мына ал эми улам келет берилеп,
алп тулкусу көктү тиреп көбүрөөк.



Аскаларда жалтыраган мөңгүлөр
Алмаз сымак чагылышып көрүнөт.

О бул аймак жаралгандай жомоктон...
Анан аны адам уулу жоготкон.
Тунук суулар агып түшөт жарышып
туш-тараптан келген кокту-колоттон.

Жашыл түскө жаратылыш ачкаарак.
Шамал кумун учурат да, таш калат.
Туш-тараптан келген суулар кошулуп
Мургаб дайра ушул жерден башталат.

Алп аскалар моюн созот бийиктен,
учтары анын жылдыздарга тийишкен.
СССР, Кытай, Афганистан, Индия —
ушул жерден чек аралар бириккен.

Азап-шорду тагдырыңа тактырар
бул ааламда жаман менен жакшы бар.
Күнү-түнү көз ирмебей тирмейип
чек араны коргойт биздин сакчылар.

Биз бул жерден байкап, адатта
жүдөсөк да узак жолдон жадатма,—
Жаныбызга адам алып жол билген
жөнөп калдык Бакбур-Ата тарапка.

Бакбур-Ата бул да жердин киндиги
Бул ысымдан тарых эске кирдиби? —
Эпостордо Бакбур кан деп айтылат,
эч белгисиз бирок, анын кимдиги.

Сансыз жылдар кылымдарга катталып,
өттү, кетти канча доорлор таш жарып.
Бирок дагы Бакбур-Ата деген жер
кала берген эл эсинде сакталып.

Сулуулука аралаштың сен өзүң,
али да эсте ушул жердин элеси.
Чындыгында Бадахшанда бул жердей
коздук жактан жоктур жердин төрөсү.

Айланасы жашыл шибер көгөрүп,
калган өңдүү жерден азыр төрөлүп,
Көкүрөктөн кашка суусун кулатып
чалкасынан жатат тоого жөлөнүп.

Күздө деле көөнөрбөстөн ыраңы
жап-жаш, жашыл тушаргаче тулаңы,—
бир жеринде дары суусу оргуштап
бир жеринде агат ысык булагы.

Жогор жактан түшүп келдик биз бери
өкүнүчтүү сезим жаштай Сизде эми.
Бир убакта очор-бачар жашаган
адамзаттын мында калган издери.

Балким, кыргыз жайлоо сымак жайланган.
Желе тартып ага кулун байлаган
Там үйлөрдүн орду турат дөмпөйүп
кулап түшүп урандыга айланган.

Көп нерселер чыкпай калды оюмдан,
бүгүн минтип мында жашоо жоюлган.
Катарынан таш мүрзөлөр дөмпөйөт
кээлеринин урап үстү оюлган.

Бир нерсе бар сени дагы кубантчуу:
суу доошуна эгер бурсаң кулакты,—
Жыйырма метр келген бийик дөбөнүн
төбөсүнөн оргуп чыгат булак суу.

Алыстыктан ойлор ойду келтирет,
бул тоолордун кошкон сымак эркине эрк,—
тээ төмөндөн Мургап-Дайра ийрилип
өрөөн жатат алыстыкта мелтиреп.



Суулар агат болуп аттын ак жалы...
Табийгаттын жерине окшош сакталуу.
Бир жеринде жыйган жүктөй аскасы,
бир жеринде тоонун жайык капталы.

Жаз алдында жайнаган суу жарышат,
өрөөнгө агып, андан түнөк табышат.
Жумушчулар чогулушуп келишип
күзгө жакын чөбүн чаап алышат.

Мейман келсе, салтка айланган көр,— демек
көбү жолдон коркуп мында кем келет.
Чынында эле адат жеткис алыска
бүтүп калган бир ыйык жер өңдөнөт!

Көрсөк дешип канча да адам дегенден,
чындыгында аймак кенен, жер кенен.
Сөөлөтүнө бир моокумду кандырып
кайра кеттик мында келген жол менен.

Кошуп берген адамды биз кирдирип,
коёлу деп келгендикти билдирип,—
биз заставга бурулуп келген убакта
калган болчу көөдөй кара түн кирип.

Төбөбүздө сансыз жылдыз жыбырап
жолго түшүп дайра бойлоп зымырап,
Токтомушка жок кубалап жеткиче
болгон эле түнгө дагы бир убак.

**16. Ак аркарлар оттоп жүрөт жайылып**

Эртең менен сыртка чыгып карасак
эки тоонун ортосунда турабыз.
Ушул кыштак өзүнө өзү жарашат
коргондолгон тоолор менен урагыс.

Кайсы жакка аккандыгы билинбей
Дайра болду улам бизди тараткан.
Биз турган жер тектирче экен жулүндөй
кайык өңдүү төмөн сүзүп бараткан.

Биз бир конок бул тарапка бир келген
билалбадык жердин ички сырларын.
вагондордой бир-бирине чиркелген
поезд сымак үйүн көрдүк Мырзанын*.

Бул тууралуу дагы канча сүйлөөрмүн:
түрүнбөгөн жылгаларын өрдөдүк,
короосунан, эшигинен үйлөрдүн
бир мөдөйгөн даракты биз көрбөдүк.

Ал аңгыча чуулдашып бир үндө
улам тынбай маңдай жакты карашып,
«жүрөт дешип бир топ аркар тигинде» —
дүрбүнү алар жатты тынбай талашып.

Чынында эле чаңкап калган аркарлар
түшүп келип дарыяга таңга маал,—
суудан кана ичип алып эми алар
тоого кайра кетип жатат беймарал.

Күтүүсүздөн келе калган кайыгып
бул бир өзү көрүнүш го сүйүнтмө.
Ар кимиси ар башкача жайылып
кадуулашып чыгып барат бийикке.

Иттер үрүп чыкты мына жарышкан,
кыйла барып кайра келди кайыгып.
Ар аркарлар карап турсаң алыстан
бадырактай барат оттоп жайылып.

---

* Мырзанын үйү — М. Гапаровдун «Кыштакча» аттуу повестинде мугалимдер жашаган үйдү поездге салыштырат.





Аралык бар мындан эки-үч чакырым,
дайра жээги жашыл оттуу көгөрүп.
Жаныбызга ат бастырып акырын
бир чал келди небересин өңөрүп.

— О бул жерде жашоо кыйын керчөөсүз,—
сүйлөп коюп жүзү турду нур чалып.
Бир карасак Оштон барган төртөөбүз
калыптырбыз адамдарга курчалып.

Суроолорду берип бизге бир далай
өздөрүнүн турмуш-шартын эскерди.
Биз аларга айтып бердик жайма-жай
Кыргызстан жөнүндөгү кептерди.

— Мына ушинтип келип-кетип тургула,
катташпаса эки тууган айрылат.
Кубанабыз миң бир эсе биз буга,—
деп бирөөсү жалпы журтка кайрылат.

— Тууру, туура! Биз деле бир силердин
бутагыңар сымак болуп кетебиз!
Жердин шарты каталыраак түгөнгүр
кышын-жазын көп сыноодон өтөбүз.

Мобул тоолор, жаткан түп-түз талаалар
кармаштарда адам канын көп ичкен.
Тээ байыртан биздин ата-бабалар
бул жерлерди Мекен кылып келишкен.

Элин жоодон, жерин жоодон куткарып
кастарынын келээр жолун торгогон.
Жаныш-Байыш Айдың-Көлгө куш салып
душмандардан өз Мекенин коргогон.

Эл көгөргөн, жер көгөргөн батадан,
Бадакшандык бир бооруңар элебиз.
Биз кыргыздар түп атабыз жашаган
Сары-Колду сактап, жердеп келебиз,—

Деп, сөз айтты баягы чал четтеги
атчан турган небересин өңөрүп.
А туугандар уу-дуу болуп кетти эми
кандайдыр бир кубанууга бөлөнүп.

Аскалардын ушул айткан сөздөрү
орноп калды бир заматта көңүлгө.
Жигиттердин ойнойт сырдуу көздөрү
бөлөкчө ойдо болдум алар жөнүндө.

Бир убакта биз кыргыздар чынында
кеткен белек таруудайдан чачылып.
Бирок алар бардык өткөн кылымда
жашабаган тоо-таштарга жашынып.

Суулар кечип, ашуу ашып, кадуулап
элдик улуу эрежени сакташып,
Алар бири-бири менен ар убак
турган дайым тынымы жок катташып.

Азыр мына техниканын заманы,
машиналар жүрүп турат тынымсыз.
Же жалкообу азыркынын адамы,
же чынында болуп алган чыгымсыз.

Бир карасак көтөрүлүп күн дагы
алоолонуп калган нуру таралып.
Аздан кийин адам калбай бир дагы
ар кимибиз ар тарапка тарадык.

### 17. Кум тоолор

Бир УАЗда биз алтообуз элебиз.
Мисалы, ал — биздин түшкөн кебемиз.
Жанып өтүп канча дагы тоолорду
дайра бойлоп биз жол жүрүп келебиз.



Эч токтобой узап бизден шар мына,
уюлгутуп арт тарабын чаң кыла,—
бурулуштан коёбуз деп узатып
бир «москвич» адам келет алдыда.

Эл сөз кылды — сөзгө, ишке бекемин...
Жаркылдатып мончок, сөйкө, шакегин
арасында келе жатат алардын
Төрага кызы мергенчи Эргеш акенин.

— Эки-үч күнгө калгыла,— деп өтүнөт.
— Калалбайбыз, кыйналууда көкүрөк! —
десек улам башын чайкап келишпей
— убактыңар жок экен деп өкүнөт.

Мындан ары кантип, кандай кетишти
эскеришип кылбайлы деп чеки ишти,
Чек арачы жоокерлердин колуна
бизди апкелип тапшырышып кетишти.

А биз мурун эч укпаган, көрбөгөн
коктуларды тоонун койнун өрдөгөн
биз аралап Ыраң-Көлгө бараттык
чек араны бойлоп кеткен жол менен.

Эки жоокер сүйлөбөгөн олуттуу
кошо түшүп бизге шерик болушту.
Алдыбыздан бир мөдөйгөн чөбү жок
боп-боз болгон кум дөбөлөр жолукту.

Тоолор жатат жып-жылаңач, чечинген
көп нерселер чыгат манда эсинден.
Дөбөлөр кум, талаалар кум, жолдор кум
кайда барба жатат кум жол эшилген.

Биз келебиз айланага жай карап,
Көңүл деген көп нерсеге байланат.

Машинанын мотору ыйлап озондоп
дөңгөлөгү араң кумда айланат.

Сары-Кол тоо түндүк-батыш тараптан
узак, алыс жолду арытып тажаткан
ийри-буйру кеткен чөлдүү чыйырда
кербен өңдүү тынбай кетип бараткан.

Тоо артынан тоолор келет өрүлүп,
анан бийик аска учтары көрүнүп,
барып-барып ушул кумдуу аймактан
араң-араң чыгып кеттик бөлүнүп.

— Жакын! — дешип,— эми мында айыл жок,
жол көрсөтүп Миталипке дайындап,—
эки жоокер заставада калышты
биз да ал жакка барабыз деп айылдап...

Канча жүрдүк калбаптыр эч эсимде
шыгыраган кумдан чыгып эшилме
коктудагы жалгыз жолду кубалап
Ыраң-Көлгө кирип келдик кечинде.

А бул жерде кең дүйнөнү тарытып,
кайдан-жайдан тоо, талааны арытып,
учуп келип кумду көккө сапырып
жаткан экен шамал жерди чаңытып.

### 18. Фрунзелик кыздар

Эртең менен бир ажайып нур чалып,
жапыз, бийик тоолор менен курчалып
жаткан экен ортосунда талаанын...
Сен Ыраң-Көл кооз көрүндүң мынчалык.

Бул айылдан каруу, кубат, күч алып
элдин жакшы салт-санаасын бүт алып,



өсүп чыгып Оштон алган билимди
ушул жерлик болот экен Миталип.

Талаа бети суу үстүндөй теп-тегиз,—
талааны көр, тактай үстүн эстеңиз.
Бир кумардан чыгат элең, эгерде
суу төгүлбөс жорго минип өтсөңүз.

Бул теп тегиз талаа бети алмашып
кетет экен адырларга жалгашып.
Жашайт бул жер жайы, кышы, күздө да
жалаң өжөр шамал менен кармашып.

Ырларды окуп, каалап калсаң сен эгер,
эч тартынбай сен бул жерге келе бер.
Кубанычтуу тосуп алат бүтүн эл,—
мамыр-жумур боло түшөт теребел?!

Фрунзелик эки бирдей ачык кыз,—
турмушунда бир жаңылык ачыптыр.
Келип мында каалоолору боюнча
Ыраң-Көлдө мектепке иштеп жатыптыр.

— Жакшы экен,— дейт, экөө бирдей кубанып,—
бир кең пейли эл экени — бул анык.
Биздин ата-энебизге, барганда
салам айт! — деп калды Өскөндөн суранып!

— Айтор, эң көп акча алабыз төлөтүп,
үйдө калган өзүбүздүн көк өтүк,
анан кышкы киймибиздин бардыгын
жиберишсин почто менен жөнөтүп! —

Түшүндүрүп дайындашып көп ишти,
«Бул байкемдер жашообузду көрүштү» —
деп кат жазып, анан анын сыртына
үй телефонун толук жазып беришти.

«Мекен таккан бир милдетти аткарып
жатыпсыңар» — деп аларды мактадык.
Бул кыздардай мында келип иштеген
жигиттерди башка жерден таппадык.

Мындан мурун бул жерге эч ким келбеген.
Кандай камкор, кандай жоомарт эл деген.
Айыл ичи уу-дуу болуп жатыптыр
жолугушуу жөнүндө өткөн эл менен.

Укмуш бир кооз үй ичинде жасалган,
кыздары да илгеркидей жасанган.
Кашык, чөмүч, кесе, челек, ээрлер да
камчы, жүгөн — баары колго жасалган.

Алдык жазып өзүбүзгө керегин,
О бул жерде черин жаздык дененин...
өз колунан ичкенден соң жөнөдүк
тердеп чайын Зыядаткан жеңенин.

### 19. Ыраң-Көлдүн жээгинде

Үнү чыгат машинада козунун,
Токон куунак — ыр баштады озунуп.
Биз кыштактан төмөнүрөөк келгенде
жашыл түстө бир көл жатат созулуп.

Бир азыраак бул ой менен жашадык:
эл сөзүндө жоктур такыр катаалык,
боегондой анын жашыл түсүнөн
Ыраң-Көл деп калса керек аталып.

Сол жагында тизилишип сапка алар
зымырашкан көз кайкыган аскалар.
Ошол бийик аскалардын боорунда
түнү жарык чачып турган таш да бар.



Чынын айтсам аскадагы жаңылык:
ай шооласы тийген кезде агылып
үй ордундай ошол таштын жарыгы
Ыраң-Көлгө түшөт дешти чагылып!

Эл көзүнөн, журт көзүнөн жашырып
ошол ташты алабыз деп асылып,
канча адам аракет кылып жеталбай
кулап өлгөн дешет ташка жанчылып!

Канча дагы турист келип батыштан
кислородун жонго байлап жатышкан...
Жеталышпай Жарык-Ташка эч бири
мукурашып мылтык менен атышкан.

Шамал жүрсө толкундарын көл сүрөт,
түркүн куштар келет ага төркүлөп.
Жалтырата жууган айнек бетиндей
көл кыймылсыз жаткан экен мөлтүлдөп!

Көгүш тарткан көркөм түсүн карабай,
сапырылтат бороон көл деп санабай.
Шамал тынса тынчый түшөт көл дагы
тербеткенден уктап калган баладай.

Көлдү бойлоп төмөн карай жол кетет,
машиначан, атчан тынбай көбү өтөт.
Тып-тынч уктап жаткан көлдүн бетине
алар тынбай көз нурларын жөнөтөт.

О бул жерлер канча сырды ката алат?
Салтпы ар бирин өз атында атамак?
Жол боюна жакын турган бир аска
чыны менен Мата-Таш деп аталат.

Ал анткени, же эртеби, кеч бекен?
Туш тараапка кабар тарап кетчү экен?

Бир убакта Европадан Кытайга
жибек жолу ушул жерден өтчү экен.

Бул кабарлар далайына угулат:
Жибек жүктөп келатышып бир убак,
кербенчилер Ыраң-Көлгө жеткенде
улоолору ачкалыктан кырылат.

Көзү көрбөй кербенчилер тырышып,
кам териден шаты жасап чыгышып,
аскалардын боорундагы үңкүргө
маталарын бекитишет жыйышып.

Иштен кынтык чыкса аның жаман да
эсеп берип алар ар бир кадамга.
Үңкүр оозун коргон кылып тосушат
көрүнөт деп жолдон өткөн адамга.

Жолдо болгон бул тагдырга таарына
бүт күйүтү терең батып жанына,—
Анан алар шатыларын өрттөшүп
тарап кетет ар ким келген жагына.

Далай жылдар зуулап ырын ырдаган,
мезгил менен заман элди сындаган.
«Үңкүрдөгү маталарды алам» деп
бир да адам эч аракет кылбаган.

Зар болсо да жибек менен шайга,
карт Памирдин бооронуна кайгыга,—
жибек жүндөн түркүн кийим токушуп
маңдай терге сыйынышкан дайыма.

Кайсыл үйгө кирип барсаң, андабы,
кооз саймалар терезенин жан-жагы!
Эмнелерди жаратпады дейсиңер
ушул жерлик аялдардын бармагы!



Ашатышып, өндөп, бычып терини
аппак тонго ороп коет эрини*.
Кирген үйүн саймаларга толтурат
ар бир үйдүн жаңы келген келини!

*Ош — Мургаб — Ош.*
*1986—86-жылдар*

## КРЫМ ТААСИРЛЕРИ

### 1. Кара-Деңиз. «Комета» аттуу кайыкта

Негедир ызаланам...
Себептерин билбедим такыр анын.
Тигилип деңиз үстү караганым.
Бүт денем салмактанат
алоолоп, басып көрсөм, чекем жалын! —
Жол жүрүп чарчагандан болсо керек.
Негедир ызаланам жүрөк күйүп! —
себептерин билбедим такыр анын.
Кара-Деңиз мейкини караганым.

Убакыт өтүп барат мынаке, үчкө!
Түштөнбөдүк.
Тамак өтпөйт!!
Башыңа нелер келип, нелер кетпейт?
Жаман жышаан киргенсип түнү түшкө.
Деңиз жиреп зымырап баратабыз
«Комета» — 33тө!
Убакыт өтүп барат мынаке, үчкө!

Башыма ойлор келет арыбаган,
Мелмилдеп деңиз жатат
түбөлүккө карыбаган!

---

* Эрин — күйөөсү деген мааниде.

Жанымда аяш кызым
жана да бир матрос төлөйкөндүк
адамдар андан бөлөк таанибаган,—
башыма ойлор келет арыбаган.

Алакандай палубада туруп алып
жатам мен Ала-Тоому улам жоктоп.
Акырын үйүрүнөн жалгыз калып
башка үйүргө кошулган кулунга окшоп!
Тең жарып мейкиндикти
«Комета» учуп барат күчүн топтоп.
Мелмилдеп сүрдүү, басмырт, оор тартып
алдымда деңиз жатат —
деңизге окшоп
«Комета» учуп барат күчүн топтоп.
Мен келем Ала-Тоому улам жоктоп!

Эң кыйын сүзгөнүң да,
суучулдугуң —
бул деңиздин үстүндө жалгыз тыйын!
Бул деңиздин үстүндө калып кетсең
эч кимге жете койбойт сенин ыйың:
Сууга жетпейт,
жерге жетпейт,
көккө жетпейт сенин ыйың?!
Деңизде жалгыз калуу тагдыры оор,
деңизде жалгыз калуу тагдыры кыйын!

Барабыз колдорубуз тутка тутуп,
көкүрөк деңиз жуткан ава жутуп.
«Комета» сызып барат суу үстүндө
алам деп убакытты суудан утуп!
А деңиз билиндирбей алып жатты
өмүрдүн күкүмдөрүн улам кыйып.
Барабыз колдорубуз тутка тутуп,
мен улам мейкиндикти келем сүйүп,
көөдөнгө көкүрөккө ойлор түйүп.



Деңизди сүйүү керек деңиз сымак,
Деңиздей тереңдикке башыңды ийип!
Өзүнүн бороону менен
жамгыры менен
толкуну менен
алдымда деңиз жатат —
оор, салмактуу кабак түйүп,
деңиз деген өзүнүн кейпин кийип!
Мен улам мейкиндикти келем сүйүп!

**2. Айдыңында деңиздин**

Кара-Деңиз кирип келет түпкүчтөй
канча жердин кучагына ийилип...
Анын жээги —
булуң болуп,
тоо болуп,
кээ бир жери адам жүрбөс коо болуп
жатат чалкып жашыл баркут кийинип.

Деңиз жээги өзүнчө бир ырахат!
бут алдыңа толкун келет чарпылып.
Бут денесин жээкке келип урат да
шаан-шөкөттүү кайра кетет тартылып!
Түркүн таштар жээкте жатат шагырап:
Ак!
Кызыл!
Көк!
жашыл!
Сары!
Күрөң!
Бут алдыңа жетпей толкун жыгылат
кечирим сурап элжиреөдөн жүрөгү!

Суу үстүндө сызыктары көп издин...
мейкиндикке эч нерсе жок теңелээр.

Тээ алыста айдыңында деңиздин
каяккадыр сүзүп барат кемелер.

Алар кайда баратышат болду экен?
Алыс бекен, жакын бекен сапары?
Бул туралуу кимдер кандай ойдо экен? —
көз жүгүртөм көп адамдар катары.

Чокусуна булуттарын чогултуп
кабак-кашын салаңдатты Кара-Даг.
Жарк-журк этип чагылганын согултуп
бүт нөшөрүн жерге төгүп бaратат.

Суу үстүнө суу төгүлүп заматта
бийлигине кызмат кылды шамалдын.
Толкун жээкке шарп! — деп тийсе,
арaакта
бермет кулайт денесинен бадалдын.

Айланаңа байкоо салып көр эми,
төбөңүздө бир жылчык жок агарган...
муздак шамал калтыратып денеңи
булут жылат удургуган, таланган!

**3. Жымжырттыкта чагылышкан сулуулук**

Мынаке, токтоду эми төккөн нөшөр,
деңизди селкилдетпей нөшөр тынды.
Бул бороон жээкке сүрдү канча сууну,
бул бороон эске салды канча жылды?
Силкинип жалбырактар айдарымга
деңизди селкилдетпей бороон тынды.

Жарашып ак толкуну жээкке карай
кубулуп жашыл ыраң болуп бирде
кайрадан ал ыраңы буурул тартып
көкчамбыл, алакаптал — кирип түргө,



түн бою ооналактап жаткан деңиз
көшүдү күндүн нуру менен бирге!

Ойноду эми мына агыш нурлар
төгүлүп арасынан булуттардын.
Негедир жалбырактар тосуп калат
келаткан нурдун жармы, күндүн жармын!
Мындайда келгин деңиз жээгине эми
эгерде келсе сенин бир таң калгың?!

Көңүлүңдү бир сулуулук улам бурат,
деңизди олтургуң бар сылап, сылап!
Шырп этип бут серпээрге дарманы жок
көшүлүп көңүлү тынч улутунат.
Кичине шоктук кылсаң төгүлчүүдөй
тукумдай деңиз бүгүн уюп турат.

Баш ийип бейпилдиктин жетегине,
окшобой бүгүн түсү кечегиге,
жалтырап күзгү болуп чагылышып
өткөрүп да бир күндү эсебине,—
негедир бугу чыккан буура болуп
баш ийген бейпилдиктин жетегине!

**4. Кыргыздын көзү менен караганда**

Аралап Крым жерин көрүп чыктым,
кыдырдым Судак, Ялта, Симеизди!
Көкөлөп жатат тоосу Айпетри
түбүндө деңиз жатат болуп күзгү!

Анан да келген жерим Симферополь
аралап көрүп келдим Керчке чейин...
Оюу бар, дөңсөөсү бар жерлер экен
деңиздин толкуну окшоп калган бейм!

Кара-Даг тоосуна мен чыгып туруп
бир мындай (кыргызмын да) ойго келдим:

Үй тигип,
саба байлап,
кымыз жасап
желесин тартып салса сан миң бээнин.

Кайырып жылкыларды жылгасына
таптаса желдей учкан күлүктөрдү!
Зымырап чыгып барып кыр башына
карасаң жашыл өрөөн ушул жерди.

Жылкы айдап, нөшөрүнө далы тосуп
ойгонуп калкып чыккан күнү менен,
үйүргө азынатып айгыр кошуп
жарышсаң кулундардын үнү менен!..

Дары деп келгендерге кымыз берип
ден соолук тартууласаң күндөн, нурдан.
Деңиздин дал жээгине алып келип
жер экен кымыз чайкап иче турган.

Заматта ыргып минип тобурчакка
жарышсаң деңиз бойлоп жели менен.
Ала Тоом эске түшөт бул убакта
ак карың саратанда эрибеген.

Бир азга көздөрүмдү тумандатып
кеттиң сен сагындырып эске түшүп?!
Турам мен Кара-Дагда ойго батып
сабадан кыялымда кымыз ичип.

Туш болуп тез күндөргө шамалдан да
негедир кайра-кайра ойго кетем:
Кыргыздын көзү менен караганда
жылкы айдап, желе тартчу жерлер экен!



**5. Эч нерсе аябаптыр Крымдан**

Бир заматта булут ороп, күн ыйлап
шоола төгүп кайра турат жылымдап.
Телегейин тегиз кылып табийгат
эч нерсени аябаптыр Крымдан.

Серүүн, таза тегиз жытын чайкаган
абасы бар дары болгон астмага...
Бул жер өмүр мүрөгү деп айта алам
оозум барбайт ушул ойдон башкага.

Булуту бар нөшөр төккөн челектеп,
токою бар кужулдашкан куштары.
Төгөректүн төрт бурчунун келет көп
далай адам абасынан жутканы.

Жемиш бышат — сөз кылбайлы муну көп,
толкундарды кубалашып өрүлөт.
Бул табийгат ысып турсун куму деп
Күндүн нурун аябаган көрүнөт!

Аңкыбастыр о мынчалык чачса атыр,
белге чыгат гүл бураган тулаңы.
О бул жердин күзү болбойт таптакыр
качан көрсөң жашыл түстө ыраңы.

Жайы салкын, кышы болсо жыпжылуу
жасагандай аба-ырайын кол менен.
Олтургансып чачын жууган бир сулуу
болсо ушундай болоор чиркин Жер деген!!!

Көрүшпөгөн канча адамдар көрүшөт!
Тууган жерин, үйүн-жайын калтырып.
Эс алчуулар жайын-кышын келишет
ушул жерге бардык жактан тартылып.

### 6. Деңиз жээги

Таң атып күн чыккандан мына деги
байлап да токтото албайт эми сени.
Жүгөнү шыпырылган аргымактай
качканың — деңиз куму,
деңиз жээги.

Күн чыгып таң аткандан улам шашып
сумкасын колтугуна кыса катып,
агылып кыздар келет, балдар келет.
Калат ов! — деңиз жээги улам чалкып.

Келишет бош орунду улам сурап,
таш үстү,
кум үстүнө,—
узунунан,
чалкасынан,
капталынан жатат сулап.
Кыз, жигит айкалышып бирге турат.
Курсактуу ургачылар сууга түшөт,
көөдөндүү көп адамдар суудан чыгат.
Эмчеги балкылдаган жубандар бар,
кылыктуу кыздар жүрөт
көкүрөк,
көздөрүнөн нур чачырап!

Бүт адам деңиз жээги — катар, катар
жатышат аркы терки ойго келбей.
Ар түрдүү фондо жатат аял — эркек
ар кайсы жерге олтурган орун бербей
Деңизден чыгып келип кумда жаткан
ар түрдүү фондо жаткан тюлендердей!

Кыймылсыз,
кеп-сөзү жок китеп окуйт,
кээ бир тоң алманы кемиришет.



Кээ бири пиво жутса бөтөлкөдөн
кээ бири стакандан кефир ичет.
Кээ бири сүзүп келип суудан чыкса,
кээ бири чуркап барып сууга түшөт!

Калкылдайт деңиз ичи,
калкылдайт деңиз жээги! —
сүрөтчү боёгондой боёк менен.
Деңиздин жээгиндеги келиндерди
мен дагы көзүм менен боёп келем?! —
Агын ак,
сарыларын сары түстө...
Айтылбас мүдөө сактап,
катып ичке.
Эл менен келип мында мен да бирге,
эл менен эс алууга кетип түштө!
Жууратгай келиндер бар болук дене
кыздар бар чайкагандай аппак сүткө.

Мышыктын көздөрүндөй чычкан көргөн
уурдана карайм улам жакын жерден...
Көздөрү асмандай көк,
деңиздей көк,
сууга түш кармап алып билегинен,
алмашып алаар элем алтын берип
алмадай кош эмчектин сатса бирөөн!!

Чок сымак күн нуруна кургап ээрди
шарп! — этип толкун жайпап улам жерди,
утуру бултактатып Кара-Деңиз
кысууда кучагына денелерди.

Сүзүүдө майда балдар чабак сымак,
толкунга аралашып боюн урат.
тербетип өөдө-төмөн жылуу толкун
денеңди билиндирбей экчеп турат.

Утуру ысыганда — жок кашылап
деңизге денелер бүт калат кулап!
Сунулуп жалаң буттар,
кучак жайган
адамдар.
Билбейсиңер келген кайдан?
Күн тийсе — Кара-Деңиз күнүгө той,
күн тийсе — Кара-Деңиз күндө майрам!

### 7. Деңиз менен таанышуу

Сырын билбейм деңиздин,
тилин билбейм деңиздин,—
мен сүйлөшүп көрбөгөм.
Оюн билбейм деңиздин
жолун билбейм деңиздин,—
сүзүп анда көрбөгөм.

Мен жээгинде жүрсөм да,
кумунда ойноп, күлсөм да,—
сүзөмүн деп кирбегем,
Анын чалпоо кыялын,
пайда жана зыянын,—
өмүр бою билбегем.

Айтсам эгер чынымды
коротуп үч жылымды,—
кызмат кылгам жээгинде.
Аскер иши кызык да,
мээ кайнаткан ысыкта —
чөмүлчү элек кээ күндө!

Сүзүп жүрсөң азыраак,
дене сергип жазылат,—
мындай жыргал табылбайт.
Деңиз уктайт көшүлүп,



куму бутта эшилип,—
жатсаң денең жалындайт!

Ар бир эки кадамда
деңиз ичи адамга,—
толуп турат чардаган.
Окшоп сүзгөн көп элге
жээктен алыс тереңге
бир жолу да барбагам.

Жээктен бир аз алыстап,
деңиз болуп табышмак,—
кайткам кайра артыма.
А кээ бирөө сызылып.
улам ары кызыгып,—
сүзөт көпкө тартыла...

### 8. Деңиз толкундары.

Таң калып кээ бирде мен кетем көнбөй:
«Толкундар» деп тема коюп алышып
ыр жазган акындарга —
толкун көрбөй?!
Кур дегенде өзүбүздүн Ысык-Көлдүн
жээгине
толкун болуп жаткан чакта
басып келбей!
Толкун жүрөт деңизде токтоо билбей,
толкун жүрөт деңизде ээ-жаа бербей!
Жарышып сансыз толкун жээкти көздөй,
ургулап жардын боорун,
аска бетин
жээктеги сан адамды чымын сезбей!
Толкун жүрөт деңизде ээ-жаа бербей!
Шарпылдап күндүн сезбей эрте-кечин,
чапкылап шапалактап кумдун этин.
Жыгылтып бут алдыңа көбүк чачып

аскага өзүн таштап — билбей эсин...
Толкундар көчүп келет адырлардай
чыгарып бардык күчүн аскалардан
түйүлүп жээкти ургулап алып өчүн!

Эгер сен жээкке келип турсаң карап,
аккуудай канаттарын кумга чабат.
Боюнду ур — толкун артка жыйрылганда
агызып кучагына кабыл алат.
Кайрадан бир жапан күч удургуйт да
шарактап жээкке урунуп жараланат!

Толкундун сен үстүнө кетсең кулап,
тербетет өөдө-төмөн бешик сымак.
Эң төмөн — коктусуна алып түшүп,
кайрадан өркөчүнө алып чыгат!

Толкундар азоо бир ат оттой жанган,
ага бир өжөр адам
кайык токуп минип алган.
Ал азоо ат мөңкүйт турбай,
көккө карай,
жерге батпай,—
эч бир тынбай,
жыгылбай адам келет кармап жалдан.

Толкундар — азоо бир ат оттой жанган.
Ал азоо мөңкүйт кайып,
силкинет жондо кайык.
Кайыкта бир жаш жигит
түшчүүдөй суга тайып,—
түзөлөт кайра кайык,
тумшугу толкун сайып,—
жыгылбай жалдан алып!
Азоонун сээринде бир
кармаш бар бир ажайып!
Капталдан шамал урат,



азоо ат оюн курат.
Азынап төмөн түшүп
кайрадан кырга чыгат!
Сапырып жал-куйругун
токтоосуз кошкурунат!
Эй, ээй! Туугандар эй,
канча миң түк үйрөнбөй
түйүлгөн көккө карай
толкундар — жапайы ат!

Толкундар оор, салмактуу
күч менен урат жээкти.
Чачырап сансыз тамчы
черткилейт улам көктү!
кемирет жер кыртышын
Уратат тал-теректи.
Тынымсыз узун-туура,
өөдө-төмөн экчей берип
жиндентет кемелерди?!
Деңизде толкундардын ачуусу чоң,
деңизде толкундардын кыялы тоң.
Карабайт амалыңа,
абалыңа,
карабайт кийимиңе,
жамалыңа!
Заматта сабак алат —
азоо бул жапан күчтүү тоготпогон!
Деңизде толкундардын кыялы тоң!

**9. Деңиз жөнүндө ой**

Мейкиндик билинбестен кеткен кайда?
Чамынат кээде жээкте таппай айла.
Ааламга каршы-терши жүрүш кылган
деңиз бул — агымы күч бир зор дайра!

Кээде тынч, кээде толкуп тамыр жулган,
А кээде өөдө-төмөн сапар курган
бул деңиз — чексиз дүйнө ой жетпеген
зор маани акылыңа сыйбай турган.

Чалкыйт ал төшүн тосуп асманына,
бир көрсөң оонайт эки капталына.
Мен аны карап туруп салыштырам
кубаттуу Неруданын саптарына.

Калыбында карап туруп ойго баткан
ойлорун улуу акын таасын айткан:
«Деңиз бул окшош экен чоң казанга
тынымсыз оргуп-баргып кайнап жаткан»!

Тоо,
токой,
аска-зоолор капталында,
Ай,
Жылдыз,
Күндүн нуру — асманында.
Жалтырайт ак кагаздай деңиз бети
мемиреп тып-тынч уктап жатканында.

Кээ бирде деңиз кызык оюн курат,—
жээгине алп толкундар келет кулап!
Теңдешсиз жапан күчтүн ырайынан
кимдигин адам өзү сезип турат.

Деңиз бул — түшүналбас оор түшүнүк,
болбойт ов! Эки-үч күндө бүт түшүнүп.
Деңиз бул — тентек уулу Асман-Жердин
Ай чапчып аңтарылат өзүн сүрүп!!

Деңиз ал — досуң эмес тилиңди уккан,
ак чардак бороон менен бирдей учкан.
Деңиз ал — китеп эмес жай олтуруп
барактап шашылбастан окуп чыккан.



Тили бар түшүнүксүз — сүйлөткөнгө,
ноктолоп болбойт аны — үйрөткөнгө!
Катуу бол,
кайраттуу бол ар убакта
эч качан ага жумшак сүйлөп көнбө?!

Таң калат тентегине — АЙ.
Жер,
Асман!
Таң калат — Күн да ааламды күндө баскан!
Билсеңер жашып деңиз — жашыл казан,—
барактап турагында кайнап жаткан!!

*Көктөбель чыгармачылык үйү,*
*1982-жыл.*

## БИР МАХАБАТ АРМАНЫ

(Баллада)

Сыр болуп бир да жанга айтылбаган
адамдын өмүрүндө жашайт арман
Кездешет бул турмушта далай жолу
эки жаш — бир-бирине жетпей калган.

Ошондой жетпегендин бири менмин,—
кезинде махабаттан кордук көрдүм!
Эстесем өзүм сүйгөн ошол кызды
кээ-кээде келээр элем муунуп өлгүм?!

Ал кезде далайларын байкап көргөм,—
көрчү элем мен ал кызды алыс жерден.
Кара каш, бир ак жуумал, гүлдөй уяң
бир назик нерсе болчу үлбүрөгөн.

Өмүрдө көрбөгөнмүн жанды мындай,
тигилип караар элем карыш жылбай!

Ак көңүл илбериңки бир кыз болчу
ирмелген карлыгачтын канатындай.

Дирилдеп айырмам жок көпөлөктөн
мен анын эшигинен далай өткөм.
Санаамда кол кармашып учаар элек
учушкан турналардай жашыл көктөн!

Жаз эле. Дабыратып жамгыр төктү.
Аралап жарышканбыз жашыл чөптү.
Биз жүргөн ал күндөрдөй кубалашып
билинбей кубалашып күндөр өттү.

Жакындап мезгил жетип онду бүткөн
көз келди кош айтышып бөлүнүшкөн...
сакталуу жүрөт менде ошол сүрөт
экөөбүз кол кармашып кошо түшкөн.

Эсимде: бир оронуп көөдөй түнгө,
бир жүрүп мен окууга кетээримде,—
негедир токтоло албай ыйлаганы
башын ал жөлөп алып көөдөнүмө.

Бир татаал нерсе белем турмуш ойну? —
Биз анда келечекке урдук бойду.
Канчалык жолугууга ашыксак да
а тагдыр адаштырып бизди койду.

Ал күндөр өгүз болду жылбай жаткан?!
Канча ирет сагынгандан көз жаш аккан.
Аскерде күтчүү элем анын катын
ал өзү келүүчүдөй бөтөн жактан?!

Бул дүйнө болбоочудай ансыз жарык,
өзүмдү турар элем ойго салып:
Буулугуп ыйлачу элем кээ бир күнү
эч ким жок ээн токойго кирип алып.



Адамды мезгил өзү салат ийге,
махабат жалынына бекер күйбө?
Калп эле «кат бер!» десе почтальон
канча ирет калдалактап түшкөм бийге.

Жалтырап жашыл токой жалбырагы
жабыккан, жалооруган жанга дары.
Канчалык өкүнүчтүү...
кат жазбаган
кыз үчүн —
эр жигиттин ыйлаганы?!

Төбөсүн басып туруп ушул жердин
башымда далай ойлуу күндү өткөрдүм.
Акыры мөөнөт бүтүп аскерден мен
боз чемодан көтөрүп үйгө келдим.

Сагынган элиме айтып, саламыңды,
билалбайм ага жетип бараарымды?!
Ойлоном: «Укту бекен сүйгөн кызым
аскерден келди деген кабарымды»...

Укса эгер, дайыны жок анда неге?
Кабарын бербейт беле кур дегенде?
Күйөөгө балким чыгып алган чыгаар,—
билимдүү, дүнүйөлүү бир немеге??

Достордон айылдагы бирге окуган
ачыгын сурагандан кээде уялам!
Жапжакын жерде турган анын айлы
мынчалык сүрдүү болуп кеткен мага.

Бир күнү теңтуштарым үйдөн табып
мени эми боз дөбөгө алып барып,
айтышты,— мерт болгон деп сүйгөн кызың
ооруга, кусалыкка жараланып

...Бүт аалам көз алдыма калды кулап,
көз жашым акты тынбай болуп булак!

Айлана капкараңгы болуп калды
заматта күн тутулуп калган сымак?!

Ээнсирей түштү мага Жер, Күн, Асман.
Жапжалгыз калды мага суулар аккан.
Шолоктоп солк-солк этип ыйлап жаттым
достордон, туугандардан уялбастан!

Кандайча тагдырыма кылдым күнөө?
Ар убак көөдөнүмдү эзди бирөө.
Акыры билгендерден сурап алып
бир күнү бардым жаткан мүрзөсүнө...

Мелтирейт сырлары катып бардык тарап,
көпкөчө үн-сөзү жок турдум карап.
О мындай жолугушуу болбостур эч —
өксөгөн Адам менен Бозтопурак?!

Дүрт этип мен күйүткө кеттим жанып!..
Өзүмө келдим араң барып-барып...
Эстедим бир убакта ыйлаганын —
башын ал көөдөнүмө жөлөп алып!

Мүрзөгө чөп өсүптүр жашыл, майда,
телмирип карайм аны кайра, кайра.
Мен көпкө олтурдум да башты салып
сенделип басып кеттим, билбейм кайда?!
Күн сайын көкүрөктөн басты санаа...

Өмүр — муз.
Жашоо — барксыз.
Көңүл кара.
Кантип мен ансыз жашай алам дедим,—
жашоонун кереги жок эми мага?!

Далайга көкүрөгүм болду көңдөй.
Өлүм деп айтып алып жүрдүм өлбөй?



Кош көңүл караар элем көп нерсеге
кызыгы тирүүлүктүн түгөнгөндөй!

Капыстан бирөөлөрдүн сөздөрүнөн
мен анын атын уксам өзгөрүлөм.
Ар качан каректерин издээр элем
жайнаган көп кыздардын көздөрүнөн?!

Эстесем бүткүл денем болуп жалын
зымырап өтүп жатты жаштык чагым?!
Кыздардын илебинен издээр элем
мен анын бир ажайып жылмайганын.

Арт жакта канча жылдар калды баскан,
Канча ирет тегеренди Жер, Күн, Асман!
Мен анын мүнөзүнүн бир күкүмүн
келемин бул ааламдан табалбастан!

Канча ирет булут каптап, жамгыр төктү.
Канча ирет суу түбүнө кумдар чөктү.
Шарактап агып өткөн дайра сымак
серпилип жээкке урунуп өмүр өттү.

Мезгилдин агымында күндөр качты.
Келебиз өөдөлөнүп биз да жашты...
Кечээки тармалданган кара чачты
моминтип билинбестен буурул басты.

Алмашпай ал орунга бирөөнү, же
түнөтпөй башкалардын түнөгүнө
таң калам канча жылдар өтсө дагы
түк аны унутпаган жүрөгүмө!!?

## ЫРЛАР



### АТА ЖУРТТУН ӨМҮРҮ

Баарынын башталышы болот тура
жана да ал нерсенин аяк жагы...
Ымыркай жарыктыкка келди мага,
көз жумду бул ааламдан да бир кары.

Бүгүнкү түшүп жаткан кар адатта
жоголот мөңгүлөрдөн башталат да.
Дайралар мөңгүлөрдөн башталат да
көл, деңиз, океанга куят келип.

Көз жетпес мейкиндиктин болот чеги.
Талаалар такалышат тоого келип,
Бир күнү унуткарат уулуң сени
өзүнүн балдарын ал эркелетип.



Бүт баары алмашылат, которулат,
жыгылат боорун төшөп кара жерге?!
Кетилет,
чирийт жана бүлөт — сынат —
келишет эң акыркы чекиттерге.

Баарынын акыры бар — чөптүн, гүлдүн...
Жүрбөгүн алымсынбай жердегиге?!
Жүз жылдап Шералыдай өмүр сүргүн
келесиң бир күн ажал чеңгелине.

Бир гана Ата Журтум сенин чегиң
жок экен! —
кенен,
бийик жана терең!
Аягың, башталышың — болбойт сенин,
өмүрүң кылымдарды эсептеген!..

Душмандын аттарынын туяктары
денеңди канча жолу таптабаган?!
Өзөндөй уулдарыңдын агып каны
коргошкон! —
кайра аттабай астанадан!

Кырылып, майтарылгач өткүр күчүң,
Окуя өткөн далай кирбес түшкө.
Ата журт сен үркөрдөй кыргыз үчүн
жаралып, калганың чын түбөлүккө!

Күлүктөй байгедеги тизгин бурбай
келесиң караан үзүп алдыга озуп,—
кебелбес ак мөңгүлүү тоолорундай
тура бери,
кылымдарга моюн созуп!

## АЛТЫН УЯМ

Ала-Тоом — алтын уям, менин үйүм,
багыңа жемиш бышат дүйүм, дүйүм.
Баспайын кандай жердин топурагын
баары бир сага арналат менин сүйүм!

Кетсем да жердин шарын тегеренип,
айланып сага токтойм кайра келип!
Сен мага — аба, суу, туз, нандан тартып
турасың керектүүмдүн баарын берип.

Балаңмын! Эмчегинди эмгем соруп,
жүргүм бар эч булгатпай суунду коруп.
Сен үчүн кыйындыкка башты малып,
жашаймын керек болсо кулуң болуп!..

Баз жагып көмүрүндү суук күндөрдө,
Биз ичип таза сууңду бардык жерде,
наның жеп, бир өзүндөн кубат алып
барабыз мүнөт сайын улам өргө!

Кен казып, эгин оруп ар бир күнүң
бош өтпөйт!
Жаркыроодо ГЭСке түнүң.
Зымырап машиналар эт, сүт, тартса
вагондор сүйрөп барат оор, оор жүгүн.

Канетип өзөн, жайлооң чыксын эстен?
Жамынып жаткандырсың жашыл чепке.
Ар кандай жаңылыкты сен деп билем —
жел менен, ава менен мага жеткен.

Кычырап аязың бар аппак кышта,
шамалың үйлөйт бетти чыксаң сыртка.
Сен үчүн биздин тарткан кыйындыктын
барысын жооруй берем жакшылыкка!



## ТОО КОЙНУНДА

Бараттык минип атка
т о о тарапка!
Алдыбыз кирген дайра,
үстүбүз ителгилер шаңшып учкан
саландап кулачуудай турат аска!
Аттардын туягынан учкун учат
такасы жанып тийсе чакмак ташка.
Мындайда чымчык сымак —
алыстан чарчап, арып,
канаты катуу талып,
у ч у п к е л и п
кылт этип конот бир ой улам башка:
«таш кулап кетпесе экен ушул чакта».
Биз атчан бара жаттык тоо тарапка.

Эң алгач дайра кечтик катарлашып,
шагылдуу жолдор басып
арытып белестерди
арадан жылга төрдү
кадимки төөнүн мойну сыяктанган
ашуу аштык!
Ажайып бейиш жерге бара жаттык.

Балалык ойношууда туландарда...
А кайда кеткен жаштык?
Биз атчан келе берип
дүйнөнүн укмуштай кооз бурчу менен
бетме-бет келе түшүп —
саламдаштык!

Аскалар деле шаңдуу!..
Төр жатат чалкайыңкы
суктанып ажарыңа бардык жанды.
Кадуулап сан жылкылар оттоп жүрөт,
күн кечтеп боз үйлөрдөн оттор жанды.

Сүйүнүч көөдөндө толуп, ташып
ооргутуп жүрөк — бетке тебет канды.
Аскалар дале шаңдуу!
Биз улам баратабыз тоону беттеп,
баяраак бел ашканда
көрүнгөн араң-араң ак мөңгүлөр
жакын калды.

Эч нерсе сезбей такыр
эки сан коргошундай уюп жаткан...
Кечки суук каптап келөт
денени чымыраткан.
Шуудурайт карагайлар
таш кулайт аска жактан.
Жылдыздар бажырайып
жапжакын калган асман!

Тосулуп эки дөбөт,
боз үйгө жете келип
ох, чиркин түштүк аттан!
Б и р карасам —
жылдыздар бажырайып
жапжакын калган экен —
бийик а с м а н!

## КӨК ЧЕЛИП ТУРГАН ӨЛКӨМ

Жалындай күнү дайым жанып чыккан,
тоолору калкаланып, жери кутман! —
Памирдей, Тянь-Шандай гиганты бар
көк челип турган өлкөм — Кыргызстан!

Бул өлкө жашап жатат тоосу менен,
шаңшыган ителгиси, зоосу менен!
Өзөнү,
капчыгайы,
жылгалары,



коктусу,
коңул — чабы,
коосу менен!

Кебездей булут менен бийиктеги,
зоолордун боорундагы кийиктери,
илбирси,
аюулары менен бирге
жашоодо бул аймактын ийип жери.

Жапайы кайберени менен бирге
ак чач тоо моюн созуп жатат күнгө!
Көтөрүп ак мөңгүсүн мүрүсүнө
шылдырап булак суусу кирип тилге.

Суу бойлоп кеткен сокмо жолу менен,
Ала-Тоо жашайт бары-жогу менен.

## ЖАНДУУ ТОПУРАК

Куураган күзгү чөптүн өңү сары...
Бозоруп жаткан мобул топурактын
жаны бар, жаны...
Улуу күн мээрим менен нурун чачса,
жаз деми — алоолонтуп отун жакса,—
жайнаган чөптөр өсөт жаңга дары!
Бөртүшөт миң-миңдеген жаш бүчүрлөр
жанданып уйкудагы тамырлары!

Капталып ысыктыктын желесине,
нымдуулук калбай калган денесинде.
Ал күтүп жатат кыштын калың карын,
ал күтүп жатат жаздын кара жаанын,—
Жаз турат көңүлүндө,
элесинде! —
Ааламды айландырып жашыл түскө
ал жатат жаштык менен теңешүүгө!

аңыган топурагы жаткан жерде,
учурат шамал бүгүн тоо-таш, белде.
А эртең күздүн, кыштын күнү бүтсө,
жадырап айланышып жашыл түскө,—
ыргылайт бой керишкен шиберлерге!
Башталып бүчүрлөрдүн жашыл доору
жайнаган жемиш болот эртеңдерге!

## КАРА КУЛЖА

«Анжиян, Кашгар арасы
Ала-Тоонун кийиги,
Арбын экен кийиги.
Баатырлар
Эки күн өргүп жатышып
Капкара болгон кулжадан
Элүү төртүн атышып
. . . . . . . . . . .
Илбирс менен чөө атып,
Ийри моюн төө атып,—
Баатырлар жолго салыптыр.
Кара-Кулжа атакка
Жер атагы калыптыр».
*(Манастан).*

Кара-Кулжам! Келип алып өзүңө
жүрөм минтип базарыңды аралап.
Мынча жылуу көрүнөсүң көзүмө
сен да мендей жүрүптүрсүң саламат!

Балалыктын өттү сенде жарымы,
көп кызыктар ойго түшөт эстесем:
Ал убакта көчөңдүн жок жарыгы
көп болчу эле бозо сатчу беш кепең.

Жок сыяктуу бирээр-кылаар кесиби
бозокорлор эч кеталбай айланып,
Бак-бак этип гаргарчинин эшиги
аттар турчу зым жыгачта байланып!

Анда-санда үйлөр жаңы курулуп,
андан чыкчу усталардын күлгөнү,



алыс жактан турар эле угулуп
арабанын калдырттаган үндөрү!

Мен ар убак кат салганы келчү элем:
турчу боз там — байланышуу бөлүмү.
Кемирейген коргондорду көрчү элем
кар, жамгырга жуулуп түшкөн өңүрү.

Азыр бөлөк. Ал көчөнүн баарысы
өзгөрүлүп күмүш жылдыз тагынган.
Мезгил менен замандын зор жарышы
келип жетип
туш-тарабың жаңырган.

Барып алып базарыңа, багыңа
жүзү жаркын элди көрдүм сүйүнгөн.
Тобу менен жүрөт мектеп жанында
кыз, жигиттер мода менен кийинген.

Сенде жүрүп ар шилтеген кадамды
түбөлүккө сактасам дейм жадымда.
Жуткум келет сенин таза абаңды
баскым келет асманыңдын алдында.

Түшкүм келет кош дайраңдын шарына,
билем сенин чакан кыштак экениң.
Бөтөн жердин көрктүү, даңктуу шаарына
мен ташыңды алмаша албайт экенмин.

Жашыл тартып жазда бардык жактарың,
жолдоруң бар жорго минсең тердеткен.
Жер боорунун эч жеринен таппадым
шамалыңды түнү дарак терметкен.

Кара-Кулжам! Сагынганда ойлоймун,
көчөлөрүң түгөл келип көзүмө,—
Жер боорунун кай жеринде болбоюн
мен тартылып турам сенин өзүңө.

## ӨЗГӨН ШААРЫ ТУУРАЛУУ ЛЕГЕНДА

Мезгил тынбай кетти андан кайда агып?
Айлар жылга, жылдар доорго байланып...
Ал кездеги болуп өткөн бул тарых
бүгүн калган легендага айланып!

Манас баатыр келип Алтай тараптан
түнөп өтчү жер тапкын деп караткан:
Анда Чубак ушул жерди көрсөтөт
колун созуп Жазы дайра тараптан.

Сан-миң аскер Манас баштап агылып
келген экен Ата Журтун сагынып!?
Бир караса агып жатат капырай
колтугунда кош дайрасы чамынып!

Анда Бакай турпак уучтап эңилип
жыттап көрүп:
«Нан жери» дейт берилип.
Чынында эле чалкып жатат бир өрөөн —
Ала-Тоонун аягына акырын
калган өңдүү жашыл жууркан тебилип!

Ыйык жерге далай союш союлат.
Кенен тартып кемегелер оюлат.
Өзкент — өз шаар болсун дешип ушул жер
жаңы калаа пайдубалы коюлат.

мындай кезде ылгайм ойдун неченин,
мен көп сырды дагы билбейт экемин.
Кийин билдим байыркы түрк тилинде
«кент» деген сөз «шаар» деген сөз экенин.

Өзгөн алгач Өзкент болуп аталып,
турган экен туш-тарабы жасанып!
Суулар агып арыгынан шылдырап
кербенчилер келишчү экен мата алып.



Күн артынан күндөр өтөт улама,
канча мээнет кеткендигин сураба?!
Акырындап далай үйлөр курулуп
көктү тиреп өсүп чыгат мунара.

Улам түсүн, улам өңүн жаңылап,
мезгил берки дайралардай агылат.
Эң атактуу адамына арналып
азыр турган күмбөздөрү салынат.

Бактар гүлдөп булбул кушу сайраган,
базар толот малын топ-топ айдаган.
Өмүр менен өлүм чегин аралап
далай турмуш өтөт мында кайнаган.

Ошол Өзкент кылымдарды карытып,
Биздин доорго келип жетти жарыктык!!
Канча кыйын күндү баштан өткөрүп
канча татаал кыйындыкты багынтып.

Ал Өзкентим — Өзгөн шаарым жасанып,
Бардыгынан озгон шаар деп аталып,—
барат алга сан-миң жылдыз тагынып
барат алга сулууланып, жашарып.

Жер соорусу, бул жер — жердин атасы,—
жашыл кымкап — кийген тондун жакасы!
Пайдубалын курган анын Эр Манас
тийген ага алп Бакайдын батасы.

## ОКТЯБРЬ БЕРГЕН ЭРКИНДИК

Мен үңүлүп карт тарыхты карасам:
Көп заманды көрөм жоодон кыйраган.
Далай бийлик кагылышты санасаң,
далай эл-журт муңкүрөшүп ыйлаган.

Үйлөр жанып, талаалар бүт тапталып,
тик караган адам чөптөй чабылып...
Анда турган зомбулуктар макталып,
кылычынан адам каны сарыгып.

Кылымдарды кубалашып кылымдар,
өкүм бийлик турган менен алмашып,—
эркиндик эч элге жетпей ырымдаар
эчен эрлер эңсеп келген кармашып?!

Ушул калкты далайлары башкарып,
казабынан, азабынан өксөгөн.
Карды тойбой жетим-жесир ач калып
Көздөп жүргөн мүдөөсүнө жетпеген.

Айткан сөзүн эки кылбай аткарып,
ушул элди канча хандар бийлеген.
Зомбулуктун таманында тапталып
эч бир доордо элге теңдик тийбеген.

Жарык чачып, шоорат берип туу алды
кирип келген Октябрдын кадамы! —
Эмгекчи элди эркиндикке чыгарды
жалгыз гана улуу Ленин заманы!

Көздөп улуу максат менен алысты,
Ленин доору төрөлдү бейм, калыбы!
Миллиондогон адам жүзүн жарытты
дүңгүрөгөн Октябрдын жарыгы.

Жүрөктөгү жаткан тоңдор эриген.
Мезгил келген адам уулу билбеген.
Бакыт гүлү жайнап чыгып жеримен
ыңкылапты тосту адамдар миңдеген!!



**КУЧАКТАГЫ БӨБӨК**

Дем алыш күн. Адамдар көп жайнаган,
барат суудай жолдор менен агылып.
Дүкөнчүлөр элге толуп кайрадан
турду базар добуштарга жаңырып.

Бир жаш келин... Колунда анын баласы.
Бир колунда алган буюм-терими.
Бала бакчу бүлөсү жок чамасы
же жалгыз бой ким бирөөнүн келини...

Эл ичинде өчүп бирде карааны,
колдору уюп келин келет өрмөлөп.
Карай турган адамы жок, баланы
көтөрүп алып келе берген көрүнөт.

Катар дүкөн. Баарын көздөн өткөрөт.
Мен да артта тегиз көрүп келемин.
Мотурайган кичинекей жаш бөбөк
уктап калган кучагында эненин.

Сыйкырдуу бир зор мээримге тартылып,
күн нуруна мандайынан тер кетип.
Колу — эненин мүрүсүнө артылып,
башы — эненин көөдөнүндө термелип...

Кийин билет курбуларын бирге өскөн...
Бүгүнкүнүн калабалуу жылдарын.
А бул бөбөк уктап келет билбестен
бүгүн дүйнө кандай алда турганын.

Оюнчугун көрүп алып түшүндө
созот колун билбей кантип жетээрин.
Түшүнбөйт ал бир заматтын ичинде
буткул аалам күлгө айланып кетээрин.

Элдин көбү мээрим төгүп карашат
баласы бар ким бирөөнүн келинин.
Тынч уйкуда бөбөк билбей баратат
ядролук кыйроолордун нелигин?!

О замана! — Тынч күндөрдү бере бер!
Бөбөк тып-тынч чочубастан уктасын.
Жарыктыкка төрөлүшкөн бөбөктөр
согуш! — деген сөздү өмүрү укпасын.

О замана! — сен буларга жөлөк бол!
Туш кыла көр бейпилдиктин дооруна.
Жашай берсин жер шарында энелер
өз балдарын бекем кысып бооруна!

## ҮРКҮН

> «Биз аштык андан көчүп Жалак-Белди,
> Жазуучу нечен көчтү санап келди.
> Кантебиз качпаганда кайран калк,
> Аскери Николайдын камап келди».
> *Ы. Шайбеков.*

З а м а н  ө т к ө н:
Оролуп адам канын жылан соргон,
Тоголонгон баштарга кузгун конгон.
Куралдуу падышанын желдеттери
жардамсыз тоолуктарды чөптөй оргон.

З а м а н  ө т к ө н:
Жокчулук алсыздарды койдой жыккан,
жашынуу үчүн тырмактар ташты тыткан.
Желдеттин огу тийген денелерден
чыркырап кызыл фонтан атып чыккан.

З а м а н  ө т к ө н:
Далыга найза, канжар батып калган,
денелер ашууларда катып калган.



Чымчым ун, чымчым талкан, жарты нанга
балдарын чыркыратып сатып калган.

З а м а н  ө т к ө н:
Бозоруп ачкалыктан көздөр тунган,
сансыз кол кайыр сурап алакан сунган?!
Биртке унду канжар катып караңгыда
артынан алачыктын аңдып турган.

З а м а н  ө т к ө н:
Алсыздык колу-бутту кишендеген,
кайгыдан уу болсо да ичем деген!
Өпкөсүн кагын чалган адам өңдүү
эртеңки жашоосуна ишенбеген!

## ЖЕР БООРУНДА

Жер боорунда ишенсең баарысы бар:
Өмүрлөрдүн түгөнбөс жарышы бар.
Максаттын жакыны бар, алысы бар,
кут болсун адам уулу,—
бүгүнкү жарышыңар!

Кайырлуу болсун арты түбөлүккө!
Коштошот адам бир күн өмүр бүтсө.
Достуктун бир өзүндө улуулук бар,
эрегишүү акыры жетет түпкө!
Кут болсун адам уулу жарышыңар,
кайрымдуу болсун арты түбөлүккө!

Жер боорунда күн көрөт айбанаттар,
Пилден тартып чычканга чейин алар...
Канаттуудан уялчаак жарганат бар.
Эптеп жанын багууда мээнет менен
жан тынымын билбеген кумурскалар.
Жер боорунда ойлосоң баарысы бар.

Жылдызы бар төбөндө жанып турган,
токою бар, зоосу бар көк тиреген
шамалы бар жер бетин чалып турган,
Асманында күнү бар бүт ааламды
тегеренип нур чачып жарык кылган.

Деңизи бар жээгине толкун чачкан,
аңгели бар коо болуп аңырайган.
Өндүрү бар кылактап түлкү качкан.
Талаасы бар табийгат сулуулаган
камышынын ичинде жүрөт арстан!..

Жер боорунда менин да Мекеним бар!
Мекенимдин ичинде көп калаалар.
Ал калаада үйүм бар менин курган,
экөөбүз бар ал үйдө жашап турган!..

Экөөбүздөн тараган уул-кыздар бар!
Тилектер бар баарыбыз колду сунган.
Жашап келе жатабыз каниет кылып,—
Тынчтык!
Бакыт! — биз тилеп ар бир жылдан!!

## КООЗ ТАБИЙГАТ ТҮБӨЛҮККӨ ТУРСА ЭКЕН

Далай нерсе көкүрөккө жыйылып
турук алат.
Сансыз дарак кыйылып.
бир кездеги түнт токойдун арасы
билинбестен барат улам суюлуп.

Араласаң ал токойду карагын,
көрөрүң чын дүмүрлөрдүн караанын.
Улам бирөө жалаа коюп жаткансып
үнү чыгат кырылдаган арaанын.



Быт-чыт болуп жөргөмүштүн желеси,
көзгө элестеп чыңырган жан элеси —
качырайт да...
онтоп жерге чабылат
карагайдын сырдуу, шыңга денеси.

Бүт шылынып бутактары кыркылат,
анын баары отко күйөт шыркырап!
Алоолонгон ал жалындын ичинен
сезгендерге аянычтуу үн чыгат.

Чарт үзүлүп сезимдердин кылдары,
көкүрөгүм көзүм сымак ыйлады?!
Сүйрөткөндө — бүт денеси сыйрылып,
жердин боорун тытып барат тырмагы.

Бороон учат көлдү бойлоп жолдо улуп.
Ал токойго келип тиет обдулуп.
Кыркып кеткен дарактардын дүмүрү
манжалардай кеткен катар ок жулуп!

Өң жагынан адамдардын серти мен...
Көп кейиген көкүрөктүн өртүнөн.
Кооз табийгат түбөлүккө турса дейм,—
ажырабай ал өзүнүн көркүнөн!

## АКЫН КЫЗЫР КЕЗИККЕНДЕ АКЫНГА

Кээде бизге акын Кызыр кезигет:
анда тынбай ыр-мазарга сыйынып,
поэзия айылына тезирээк
кетсек дейбиз, көп түйшүктөн кутулуп!

Нөшөр төгүп, бороон улуп буюгуп
өз энесин таппай калган кулундай,—
ыр айлына өзөн болуп куюлуп
биз түшөбүз жылганын бир нугундай.

Нуган жердин чар тарабын аралап
эч тынчы жок жашоосуна киребиз.
Жылгадагы аккан суудай салаалап
бул турмуштун эмне экенин билебиз.

Биз саптарга кошобуз эң биринчи
маанайынан эшик ачкан жигиттин...
Барабандап жердин боорун,—
сүйүнчү
алпараткан туягынан күлүктүн!

Биз алабыз көп ойлорду төрдөгү
Байбиченин мээрим төккөн өңүнөн.
Бүт айылдын болуп келген эрмеги
карыянын калкка айтылган сөзүнөн.

Биз алабыз сан ойлорду элимдин
түшүрүлгөн оймосунан чийлерге...
Саба бышып кымыз куйган келиндин
толуп-ташкан ыйманынан үйлөрдө!..

О бул ырлар бала болуп төрөлүп,
баатыр өсүп кыйындыкка багынбайт.
Суусуз чөлдө дарак өңдүү көгөрүп
туган жердин турпагында тамырлайт!

## НАМЫСКА ЧАКЫРУУ

Мезгил күлүк атын сабап
мейкиндикте кетип барат.
Айланага карoo керек
мурункудан башкачараак!

Неге минтип кечиктиңер?
Кетпес жакка кетипсиңер.
Кечпес сууну кечипсиңер,



жоболоңдуу ишти баштап
жолсуз жакка кетипсиңер.
Неге минтип кечиктиңер?

Тогошпостон сүйлөйсүңөр?
Бир бириңди тилдейсиңер.
Кур дегенде өзүңөргө
бир өзүңөр күйбөйсүңөр.
Тоготпостон сүйлөйсүңөр.

Жай мынчалык кыймылыңар?
Кымыз, этке кылгыруу бар!
Мактанганды сүйөсүңөр,
жай мынчалык кыймылыңар?

Мелдешкендер өтүп кетти,
биз көрбөгөн чекке жетти.
Мезгил деген өкүндүрөт
силер өңдүү кенебести.
Көбү алдыга өтүп кетти.

Күн артынан күндөр келет,
бизге дагы тездик керек.
Үргүлөөнү токтоткула! —
Айланага карoo керек
мурункудан сергегирээк!

Кыйынмын деп чиренүүнү
койгун дагы,— кошул көпкө!
Толуктоого аракет кыл
кайсы жагың калса бөксө.
Качан болсо жанып турсун
намыс каны көкүрөктө!

Жай мынчалык кыймылыңар,
болсун алга жылдыруулар!
Кенебестик канга сиңип

кымыз, этке кылгыруу бар.
Жай мынчалык кыймылыңар!

Мезгил күлүк атын сабап
мейкиндикте кетип барат.
Айланага кароо керек,
сергек жана башкачараак!

## ЭЭЛЕНҮҮ, ЖЕ БОЛБОСО ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ ЫР

— Ээленбе, атың арык!
Колуңдан эмне келет түнү барып...
Жөнөгүн таң атканда
жерге да бир азыраак түшсүн жарык?!
Ээленбе, атың арык?!

Эки-үч күн тынымы жок жамгыр төктү,
суу көбөйдү,
кыялардан селдер өттү.
Жээктер кемерденип
жарга айланып,
жолдор чөктү.

Дайралар кузгундады
ээ-жаа бербей,
тилсиз жоо агып жатат
тилге келбей.

Ал сени аяп койбойт
агызып алып кетет тебетейдей!
азыраак чыдай тургун,
ал жактан коёт беле кабар келбей?!

Кызы айтты энесине:
— Рахмат, кеңешиңе?
Жөнөймүн түн болсо да,



көөдөй кара.
Өлүмдүн мага атылган
жебеси не?!

Жатканы оорукана...
Ал жакта эмне болду
ж а л г ы з б а л а?!
Жүрө берип мал артынан
«бул менин балам болот эле го» деп
артынан барганыбыз ага кана?
Жөнөймүн түн болсо да
көөдөй кара!
Бир жан жок кабар алган,
ал жакта эмне болду
ж а л г ы з б а л а?!

Эне айтты кызына эми ачууланып:
— Ээленбе, атың арык.
Колуңдан эмне келет түнү барып.
Жөнөгүн таң атканда,
жерге да бир азыраак
түшсүн жарык.
Ээленбе, атың арык!

Ушинтип талаш жүрдү
к е ч т е бүгүн.
Коогага айландырып
жамгырлуу жаздын түнүн.
Ар кимиси аяп жатты
балдарын өздөрүнүн...

## ЭЛИМЕ ДЕГЕН БИР ТИЛЕК

Эл, жерим бар, анан дагы түнөгүм,—
ээси болуп андагы үй-бүлөнүн,
ата болуп уул-кыздарды өстүрүп
Ата Журттун бир бурчунда жүрөмүн.

Көп эл сымак өтүп жатат ай, жылым.
Мактаналбайм, жетет дебейм байлыгым.
Ылайыктуу бир кызматты аткарам
почто менен келип турат айлыгым.

Бир топ мына жашап алдым жашымды.
Канча сырды кайран жүрөк жашырды?!
Ырлар жазам. Акынмын деп көтөрүп
жүрөм мен да эл ичинде башымды!

Кыйынына түшкөн экем жарыштын.
Кычыраган ызгаарында карыштым.
Бирөөлөрдүн аппак дилин оорутуп
бирөөлөргө жагынуудан алысмын!

Пайдалуу бир ойлор болуп бакканым,
эл алса дейм акыл-ойдун тапканын.
Бактылуумун калкым дайым тынч болсо,
бактылуумун тунук болсо асманым!

Ойлор дүргүп кан тамырда агылып,
топтолууда көөдөн этке багынып!
Көкүрөктү быт-чыт кылып тытмалап
чыккысы бар кол бомбадай жарылып!

Бөртүп чыгат ойлорго көөп тамырым,
көтөрүлөт басымы өөдө канымын.
Элге берсем деймин ойдун тунугун
кубаттуусун,
чагылгандай жарыгын!

## КАЙРАТ АЙТУУ

Башка түшкөн мүшкүл — ойду бийледи.
Назик көңүл көп нерсени сүйбөдү.
Башындагы кайгыны бүт ыргытып
суудай таза кароо керек дүйнөнү.



Көкүрөктү илдеттерден дарылап,
жакшылыкты ойлоо керек ар убак.
Санааларга чөгө берсең,
акырын
кубат тайып, көздүн нуру карыгат!

Калса дагы дүйнөң тарып, жети өлүп,
басуу керек агым жиреп көшөрүп!
Азап, кайгы үйүлсө да, желкеңе
төөдөй жерден туруу керек көтөрүп!

Жарыктыкка биз келгени жаралып...
Кетет кээде кара көздөн кан агып.
Мында дагы көңүл отун жандырып
бул жашоонун жакшы жагын алалык!

Биз адамбыз туйгуч, сезгич, көрөрман,
кубанычы, азабы менен төрөлгөн.
Кап-караңгы түндүн дагы кээ бирде
жылдыздары жанып турат төбөңдөн!

Убакыттын күндөрү ундай эленет!
Күтөлүччү биз күндөрдү керемет!
Адамдын зор касиети ушунда —
кыйындыкты өтүү керек тебелеп!

## АДАМ ЖАНА ТАБИЙГАТ

Эч нерсе жок табийгаттан акылман:
Баарын тегиз ойдогудай жасаган.
Канча дүйнө? — кайра келип жакындан,
канча жан бар жер боорунда жашаган.

Ар биринин ар түрдүүчө турмушу,
көргөн күнү,
жашоо шарты — ар башка.

Жашайт алар биз жашаган күндү ушу,
чыгат алар ар түрдүүчө кармашка.

Чөптөн тартып өсүмдүктөр дүйнөсү —
Жер бооруна терең жайган тамырын.
Ар бирөөсү — ал өзүнчө дүйнө өзү
алып жашайт айдын, күндүн жарыгын.

Бирок салып мээлеп туруп атсаң да,
ал айбан! — деп колду шилтөө бекер кеп.
Тоо, талаалар, токой, чөлүң, асманда —
канча жандык жерде жашайт мекендеп!

Жерде жашоо укмуш сырдуу түйүндө...
Ар биринин билсең болот арманын:
Чычкан коркуп кире качкан ийинге
мышыктардын караң, батпай калганын.

Бака байкуш коркуп кетип өлүштөн
ыргыйт сууга калаарында жутулуп!
Куш чеңгелин матыраарда көгүчкөн
кетет черге кире качып кутулуп.

О табийгат кендигиңе ырахмат!
Кучагыңа кирип барам тартылып.
Мылтыгы бар көйрөндөнгөн бир акмак
атып таштап кеткен суурду калтырып.

О бул жорук ушунчалык жаман да!..
Келген эмес терисин да алгысы.
Табийгатты оюн көргөн адамга
ал суурлардын неге тийбейт каргышы?!

Бизде адам көп өмүр бою тойбогон,
ою алардын — чылк алтынга малынса?!
Кайберенди сулатты деп ойлоном
мылтык үнү аскалардан жаңырса.



Бүтүн аалам табийгаттын колунда.
Билсең эгер, адам анын бутагы.
Дем алмаксың неден ава жогунда,—
тарып кетсе бул ааламдын кучагы.

Иче турган суулар эгер ууланып,
жердин боору кетсе атомго өрттөнүп.
Адам өзүн алдамакпы кууланып,
алааматты өз башынан өткөрүп.

О адамзат, көп талаш бар кеңешчү,—
акылга кел! — анын түркүн жолдору...
Бул ааламда зыяны жок эмеспи? —
пилдин жана кумурсканын болгону.

Бул табийгат жалп деп өчүп өңүнөн
жан-жаныбар дүйнөсү бүт кырылат.
Каргыш айтып тынч жаталбай гөрүнөн
бабалардын арбактары чыңырат!!

Жаратылыш сен бир улуу түшүнүк!
Биз адамдар кучагында балабыз.
А биз сени бүтө элекпиз түшүнүп,
чеки иш кылсак биз каарыңа калабыз.

Жаратылыш! Жибербегин көптүрүп!
Эриш-аркак биз жашайлы ар убак!
Чырпыгыңды чынар кылып өстүрүп
чычканыңды ооруп калса дарылап!

## МУЗА

Күн нурун чойгулап ойногон
балалык доорунан келатып
арфа үндүү булакты бойлогон
сулууга болупмун мен ашык.

Алгач мен баш ийбей эркине
— Келгин! — деп колумду булгадым.
Ал качты,
кызыгып көркүнө
жүрөктү сызылтып ырдадым.

Үн бүттү. Обонсуз карыккан
ырларым күндөргө жутулду.
Саптарым жүдөгөн,
жабыккан —
мезгилдин желине тытылды.

Алыстап аралык кайрадан
артыңдан ашыгам жол басып,
түбөлүк өзүңө жеталбай
чаалыгуу, а балким, зор бакыт!

Сызылтып жүрөктүн ырларын
убакыт — сени деп арбаштым.
Калтырып жаштыктын жылдарын
канча ирет көйнөктү алмаштым.

Өчөшүп жол жүрөм көп дейди,
алыссың дагы эле...
Жинденем!
Бардыгы турмушта мендейби?
жетүүнүн —
жолдорун билбеген?!

## ТИЛЕКТҮҮ АДАМ

Жер баскандан анын буттары
оозуна сөз бүткөнү
башына түк чыкканы
бир адамга сен мындайсың,
дегени жок.



Акысын бирөөлөргө жедирсе да
бирөөнүн акысын түк жегени жок.

Кышындасы —
ышкын түпкө боёлгон тон жамынды.
Жайындасы —
жеңилденип калпак кийди.
Суукка тоңду аяздарда
саратанда күнгө күйдү.
Келиндердин шыңкылдаган
күлкүлөрүн жакшы көрдү,
анан да эли-жерин,
жарын сүйдү!

Бактылуу болуп бала тапты!
Ага жаккандардан —
жалгыз гана тоолор жакты.
Ал тоолордун койнунда —
он жыл уйчу болду,
жыйырма жыл кой бакты!
Төшүнө жаркыратып медал такты,
орден такты!

Кадыры анын синди бүтүн элге,
депутат да болуп көрдү,
шайланды делегат болуп съезддерге.
Сыйынса бир сыйынды —
ыйык тутуп тууган жерге!
Жаман сөз айтканы жок балага да,
бекерден кайгыртпады бирөөлөрдү.

Док артпады адамдарга,
башкалар аны кайра күнөөлөдү.
турмушта —
канча нерсе көрсө дагы
үч нерсе анын болду тилегени:

Мандайдан чыпылдатып тер агызып
түз кылган ийри жолду,
чор кылган эки колду,—
биринчи тилегени
тынчтык болду.

Жаап-жашырган
билинсе да жамандыгы,
экинчи тилегени—
тууган журттун амандыгы!
үчүнчү тилегени анын эмне?
кыш кетип учурунда
жаз келсе өз маалында,—
кезегинде!
Жадырап жашыл болуп тууган жерге!

Күн чыкса нурун тоодон чачыратып,
кызарып мемиреген кечтер кирсе.
Киринип күн нуруна,
суу болуп жамгырына,—
балдары жер боорунда эсен жүрсө!
Бойго жетсе —
кыздарын берип күйөөгө
уул балдарын үйлөндүрсө!

Жер баскандан анын буттары,
оозуна сөз бүткөнү,
башына түк чыкканы
мына ушундай жакшы тилек тилеп жүрөт!
Кол бошобой жарым саат,
жарым мүнөт —
ал азыр коюн багып
төлүн алып
тоодо жүрөт!



## БИЗ УЧУП БАРАТАБЫЗ КҮНДӨР МЕНЕН

Бул күндөр экөөбүзгө мынча жакын? —
алган оң бул күндөрдөн адам акын.
Биз учуп баратабыз мейкиндикте
зымырап туурап тоонун учкан ташын.

Биз бейпил жашап жаткан ушул күндө,
сүйлөөдө заманыбыз түркүн тилде.
Биз учуп баратабыз мезгил менен
кирпиктин ар бир чымчык ирмеминде.

Кызарып күн тоолорго батаар кезде,
нур ойноп, нур чагылып турат көзгө.
Жаныңда олтурууну каалайм азга
о муну билесиң сен, билет өзгө.

Жаркыным колуң тийбейт, бут түшүнөм,
балдардын толгон токой түйшүгүнөн...
Сүйлөшүп олтурсак да —
заман менен
биз учуп бараткангa кылбайм күмөн.

Зымырап күндөр башта тегеренет.
Адамга—
Асман:
Ава!
Күн
Жер! — керек!
Мындайда мен акырын комузду алып
бир муңдуу күүнү чертип бергим келет!

Бошотуп көкүрөктө демди бууган,
кылдарды тере чертип улам, улам,—
бир сырды сага жаным ачкым келет —
Күн менен көөдөй түндүн ортосунан!

Түн кирет бүт ааламга улам шашып
дабышсыз кирген сымак мышык басып...
Төгүлгөн терезеден шоолаларга
калат бейм сүйүү, сагыныч аралашып!

Мен ичип суусун, таттуу нанын жеген
эгерде туулган жерден кетсем келем!
Жүрбөйүн мен ааламдын кай жеринде
мен учуп жүргөн болом күндөр менен!

### КОШУМЧА САБАКТА

Алгыла, балдар силер муну жаттап,
маанисин түшүнгүлө тереңирээк:
Бул турмуш ысыгына чоктой кактап
а кээде чилдесине алып кирет.

Жолуңар болот дайым өөдө-төмөн,
кубаныч кайгы менен алмашылат!
Бул күндөр өтөт, кетет эркелеген
келечек түгөнбөгөн түйшүк сунат.

Жетилип, эңсеген бүт багыттарга
көкөлөп учасыңар кагып канат.
Чаалыгып кайсы жакка жетип барба
улуу Ж е р ачка койбой багып алат.

Кол менен кыш бышырып үйлөр курсак,
баарыбыз сезээр элек мекен кутун.
Чеңгелдеп жерден алган бир ууч топурак
эстетет бир сындырым нандын жытын.
Тарыхтын катмарында нелер жатсын
жашсыңар, аңтаргыла! —
дүйнө күбө.
Бугаче бүт билгенин адамзаттын
калтырбай силер баарын үйрөнгүлө!



Не жакшы?
Эмне сулуу?
Нелер мыкты? —
Алгыла жакшыларын, турмуш мына!
Акмактар жасап келген жамандыкты
аңына таштандынын ыргыткыла!

Жакшылык жаса дайым колдон келсе,
ар убак тазалыктын дилин жакта.
Досчулук — теңир сымак ыйык нерсе,
өлөт ал — өз тамагы үчүн сатса!

Билсеңер силер басчу эң көп жолдор...
Турмуштун айыргыла — агын, көгүн.
Байыртан чырлап келет мансапкорлор
өзүнүн майлаш үчүн кекиртегин!

Ар убак өз ишиңе болгун чыйрак,
өзүңдү кара элиңдин көзү менен.
Ыйманың көөдөнүңдө турсун туйлап
жоголсун майдачылык сезим жеген!

### ПОЭЗИЯМ

Көптөн берки үмүтүмдү жандыра
поэзиям,
келдим кайра алдыңа?!
Мен макулмун азабыңдын баарына,
керек десең — бүт тулкумду ал, мына!

Салмактасам мен көтөргөн жүгүмдү,—
канча жеңил нерсе экени билинди...
Өмүр бою түшүнө албай келемин
сенин уяң, сенин назик дилиңди?

О, сен деген — назиктиктин ааламы!
Уюлгуган сезимдердин куюну,—

сен деп туям боздоп жаткан талааны,
сенде тура турмуштук зор буюгуу!

Рухуң да бийик сенин көкөлөп,—
улуусуң сен, назиксиң сен, тазасың.
Бул ааламда алдына эч ким өтө элек,
нагыз ыйык сезимдерди жазасың.

Бирок, кыйнап койдук окшойт жаныңды,
билбей такыр биз акындык ченемди.
Кайрып салдык бучурлөгөн талыңды,
эзгиледик сенин аруу денеңди!

Акырында буйрук бердик, зордодук,
кычкач сымак ак денеңди чымчыдык.
Таза, тунук дилиңди биз кордодук
көйнөктөрүң кетти айрылып, кырчылып!

Поэзиям! — сага баарын чаптадык.
жакшысын да, жаманын да келтирип.
Акын деген атты кантип актадык? —
Сени аз-аздан баратабыз өлтүрүп!

Акырында кала электе каарыңа,
поэзиям! —
            келдим кайра алдыңа!
Күнөөлүмүн көп иштердин баарына,
мен макулмун! — азабыңа сал мына.

* * *

Түркүн ойлор башка келет кайдагы...
О жаркыным, көңүлүң мынча жайдары?
Шарап ичип шарактоого жарабас,
бүгүнкү күн — зор Жеңиштин майрамы.

Каргыш тийген каардуу күндөр эстеби?
Кандуу болгон анын ар бир кечтери.



Жеңишти элге жеткирем деп биз үчүн
канча азамат ушул күнгө жетпеди.

Мындай чакта ойлорду ойлойм чатышкан.
Канча да эрлер аңгектерде атышкан...
Бала кезде колдон жүргөн жетелеп
агаларым кайтпай калган батыштан.

Төрт бир тууган... Эстейм турган, басканын,—
түбү оюлуп түшкөн өңдүү асманым!!
Жеңиш үчүн жер жазданды,
                                ойлосом
тегеренип көзгө толот жаштарым.

Андан көрө кайда чакыр балдарың,
таза гана кийиндирип ал, баарын...
Менин жаңы костюмумду алып бер,
сен да жакшы кийимиңди тандагын.

Андан бери канча дагы жыл өттү.
Өңүбүзгө мезгил изин түнөттү.
Таза жуунуп адамдардын баарына
биз тилейли эң бир жакшы тилекти.

Өмүрлөшүм, олтурбагын сен эми,
Аскерлердин эстелигине береги,—
башыбызды ийип, гүлдөр багыштап
арбагына биз сыйынып келели?!

* * *

Ыр дегендин уйкаштыгын кынаптап,
жазган ойчул акындарга ыракмат!
Ар бир сабың — шибер кечип келаткан
кызыл көйнөк кыз сыяктуу кылактап...

Бет алдында мейкиндиктер ачылып,
турган менен, сыры жатат катылып.

Келе койбойт кыз жүгүрүп өзү эле
алуу керек алдап аны чакырып.

Кандай деги, албуут бекен кыялы?
Же бар чыгаар иреңинде уялуу?
Анын гүлдөй үлбүрөгөн өң-түсүн,
бүт ажарын талант менен туялы.

Ой агымы эмнелерди жактырат? —
Эргүү күчү — нени берет жакшыраак?
Жел агызган жоолугунун учтары
турсун сенин кыялыңды чапкылап.

Ыр дегениң — кырчын курак, жашчылык,
сени азгырып алып кетет жактырып.
Качан болсун кыздын жыттуу илеби
турат дайым жүрөгүңдү мас кылып.

Ал ар качан табышмактуу, жанга ынак,
жазгы кызыл гүл сыяктуу албырат.
Уктап калган клеткаңды дүргүтүп
көңүлүңдүн чагылганын жандырат!

Ар сабынын уйкаштыгын кынаптап,
шибер кечип келе жаткан кылактап
кызыл көйнөк кыздары бар ыры үчүн,—
акындарга —
миң мертебе рахмат!

## СПРАВКА

Туулган ал —
41-кандуу жылы.
Коюшкан атын анын Тополоң деп.
Тоодогу бир кыргыздын момун уулу,—
өткөргөн кыйындыкты башынан көп.



Атасы согушта өлдү.
Энесин кагын ooру тындым кылды,—
үйүндө калды үч бала ыйлашып тек.

Мектепти бүтүп-бүтпөй
30 жыл чарбанын ал коюн бакты.
30 жыл жамгыр өтпөс чепкен кийди,
30 жыл өзү туулган жерди басты.

Бул турмуш койгону жок аны аяп,
30 жыл түшкөн жок колдон таяк!
Ал билбейт Тутан Хомон эмне экенин,
ал билбейт Париж каяк, Лондон каяк.
30 жыл түшкөнү жок колдон таяк.

Бир адам —
кыйналса да кыйналдым дебес,
үшүсө да үшүдүм дебес.
Аткарат буйругуңду эки кылбай,
бардык эле адамдардай —
угат кеңеш.
Борборго биринчи жолу
учуп кетип бара жатат
бир чабан —
паспорту жок...
чыккынчы эмес!

## ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ

Жыңайлак жерди баскын
кандырып таманыңдын
кычууларын!
Айтаарым азыр сага —
топурактан тоёт карын.
Аласың ушул жерден
тер төгүп бүтүн баарын!

Андыктан сен эң алгач
Жерди сүй, Жерди сагын!

Ал берет баары-жогун:
Кубаныч, бакыт берет!
Миңдеген жылдар бою
Жер элди багып келет.
Ай, жылды алмаштырып
алдыга тегеренет...
Адамын багып келет.

Миңдеген заман өттү,—
өлчөөсүз анын саны.
Жылдарын эсепке алба,
кылымы канча дагы? —
Ошончо өткөн доордун
бүт бардык адамдарын
кебелбей багып келет
Жердин бул топурагы.

Андыктан сен адамым,
Бул Жерге колду сунгун.
Төрөлдүң жер үстүнө
катарга келип тургун.
Эгерде курам десең
бир укмуш бейишти сен —
дал ушул топурактын
үстүнө келип кургун!

## КЕЧКИ ШААР, ТАГДЫР, КАТ ЖАНА ЭНЕ

Карасам терезени кечинде ачып,
эшикте балдар ойнойт чурулдашып.
Билинбей нооруз айы өтүп кетти,
апрель аяк таштай майга шашып.



Түштүктүн кыйырында күүгүм төнүп,
айлана караңгыга барат көнүп.
Аздан соң карай калсаң ар кай жерден
жылдыздар көзүн ачты көңүлдөнүп.

Зымырайт өмүр, мезгил бачым баары,
толгонтот жакшы күндөр жашымдагы.
Утуру салмактантып ийет жерге
көп ойлор топтолушкан башымдагы.

Кечээки балдар бойго жетти мына,
там берем турмуштун бул буйругуна.
Көнүү бар тагдыр башка салганына,
жашоо бул — жарга урунган суудай тура.

Негедир ич тызылдап ойго толом,
андан да тагдырына капа болом?!
Алоолоп күйгөн жалын өчүп калды,
кайран дос, кайран акын, кайран Жолон!

Айлана караңгыга батты баары,
чөмүлдү чырактарга Оштун шаары.
Заматта мен арылап ойлоруман
акырын терезени жаптым ары.

Карасам арт жагымды — бөлмө жарык,
жиберди мени түркүн ойго салып:
Уулунун жазган катын окуп алып
аялым олтуруптур капаланып.

Эне үчүн бала кымбат — баккан, тууган,
эмизип жалайыгын күндө жууган.
Адамдын бүт өмүрү турат окшойт
сагыныч,
    санаа,
        түйшүк,
            кайгыруудан.

Атанын адаты бар кебелбеген,
ар убак кайрат айтып жемелеген.
Эненин жүрөгүндө жашайт — тилек:
«алыстан аман-эсен келсе» деген!

— Үч айда араң үйгө каты келди.
Суук жер,— дейт.
Күнөөлүүдөй карайм жерди.
Ар убак аяп кетем боорум ооруп
уулу үчүн кайгы тарткан энелерди.

## СЫРДАШУУ

Биз көп ирет жолугабыз турмушта,
жеңил ойго жендирбегин сен али.
Куу чокоюн илип алып бир мыкка
өкүнүчтүү караган дейт Шерали.

Жаңылыштык өмүрдө көп кездешет...
Аны кайра түзөгөн жан акылдуу.
Биз адамдын арман, муңун сезбесек
сезет белек кубулжуган жакшы ырды?!

Чындыгында көңүл деген кыл кыяк!
Турат андан түркүн добуш угулуп!
Кээ бирөөлөр сырын катып мылжыят,
а бирөөлөр турат түркүн кубулуп!

Сен көңүлгө гүл себе алсаң сөз менен
адам жүзү ажарланып кулпурат!
Жалган сүйлөп жамандыкты көздөсөң
таш тийгенсип көңүлүң сенин бир сынат!

Ойго батып үшкүрүнүп үч убак
жүрсө бирөө кыл жуткансып санаадар,
көңүлүн анын эгер кылсаң кушубак
бул дүйнөнү гүлдөткөнгө барабар.



Айтып келсе сага бирөө арманын
басып кетпе колду шилтеп чиренип,
тийсин ага сөз болсо да жардамың,—
сенин адам экениңди билелик?!

Көрсөң керек куркулдайдын уясын —
баласы үчүн канчалык сак кургуруң?!
бара-бара акыл менен туясың
бул дүйнөнүн куулук менен шумдугун?!

Мейли жерди колуң менен тегерет,
бирок көзду жүгүртө көр алыска.
Балдарды ойло, бул дүйнөгө келе элек
каска кастай, калыс болгун калыска!

Амал деген кирдей чыгат колуңдан,—
качып кеткен кушуң сымак таптагы!
Жакын достор тосуп чыкпай жолуңдан
өкүнүчтүү карайт сени жаш-кары.

Биз көп ирет жолугабыз турмушта,
жеңил ойго жендирбегин сен али.
Куу чокоюн илип алып бир мыкка
өкүнүчтүү караган дейт Шерали!

## ӨЗҮМЧҮЛДҮК

Инимсиң, бул жоругуң болду кандай?
Жаш адам турса күйүп түнкү шамдай.
Жашоонун ысык-суугун тата элексиң
көгөрүп баратасың тиккен талдай!

Суктанып сүйө билгин кызыл гүлдү,
баалай бил көктөн тийген жоомарт күндү.
Азыраак болоор-болбос пайда көздөп
билдирип койдуң окшойт кимдигиңди?!

Турмуштан канча дагы адам өткөн?!
Ааламды акыл менен тегереткен...
Койнуна котур ташын катып жүргөн
бир акмак —
аларды да сатып кеткен!

Сен басчу жолдор али абдан алыс.
Ал үчүн баштан өтөт далай жарыш.
Күйпөндөп көп ойлобой өз пайдаңды,
элиңе айт — ташты жарган сөздү калыс!

Турмушта биз аз жашап, көптү билдик.
Издебе, жыргалды сен эки-үч күндүк!
Ал өзү чыккынчылык менен бирдей —
коомундун бир тетигин бүлдүргөндүк!

Ар качан назар ташта теребелге.
Таралды кандай кабар бүгүн элге?!
Ар убак «өзүмө» деп чуркап жүрүп
акыры көз жумат бейм, чиркин пенде?!

Эркелеп биз замандын доорун сүрдүк,
сайрандап кезегинде ойноп-күлдүк.
Сакалы агаргыча өзүн мактайт
ар убак ыйманы жок өзүмчүлдүк!

## АДАБИЯТ БАКАЙЫ

*Түгөлбай Сыдыкбековго*

Сезим, ойго далай сырлар көп түнөп,
башыңыздан окуялар өттү көп.
Бир кылымдык бай түп Чынар өндөнүп
алыстыктан көрүнөсүз көк тиреп!

Бекем, ысык доско сунган колуңуз,
даңгыр, кенен Сиздин баскан жолуңуз.



Сиз түрүнүп иштедиңиз дыйкандай
эми эл менен дайым бирге болуңуз.

Анын баары кен Ата Журт үчүн де!
Ыманбайлар Сизди көрөт түшүндө.
Ак буудайга ыргалыптыр талааңыз,
кырманыңыз толду батпай түшүмгө!

Өмүрдө Сиз татаал жолду арылтып,
кайра баштан окурманды сагынтып,
Сиз келесиз, тоодой жүктү көтөрүп
акыл, ойдун Хан-Теңирин багынтып!

Төрөлүпсүз кыйын күндө жапайы,
бул саптарды Сизге арнадым атайы!
Сиз биз үчүн маданият алпысыз,
Сиз биз үчүн адабият Бакайы!!

## БУЛ ТУРМУШТУН МАҢЫЗЫ

Алдыңа зор максатты коюп алып
баспасаң алга карай жүрөк жанып,
билбесең тамчы суунун кымбаттыгын
жол жүрүп чаңкап-арып, чөлдө калып;

Сүйбөсөң эркелетип балдарыңды,
аясаң колдон келээр жардамыңды,
кусалык жүрөгүңдү мыкчыганда
досуң жок болсо айтаар арманыңды;

Чындыкка колду сунуп ыктабасаң,
гүл жытын, кыздын жытын жыттабасаң,
чаалыгып сапарыңан кайтып келип
сагынган жар койнунда уктабасаң;

Бекинип керек кезде табылбасаң,
эл үчүн кыйындыкта жагылбасаң.

чырмалып кусалыкка бөтөн жерде
кайыгып Ата Журтту сагынбасаң;

Ырдалбай сен элиңдин ырларында
шамалын сезбей тоонун кырларында,
тирүүлүк эмне экенин билалбасаң
кармашып ажалдын курч тырмагында;

Алыстан сүйгөнгө кол булбагасаң,
жакшы не, жамандык не? — ылгабасаң.
Пенденин кимдигин сен билалбасаң
сырдашып досуң менен жыргабасаң;

Андачы? Болоор беле күлкү, сайран?
Андачы? Болоор беле жашоо майрам?
Тирүүлүк азабы көп нерсе болмок
маңызы бул турмуштун болмок кайдан?!

## АКЫНДАР ТУРАЛУУ

Ким билет акындардын кылган ишин?
Өмүрүн Мекенге арнайт алар бүтүн!
Өткөрөт ал турмушун түйшүк менен
төрөлүп акын болуп калганы үчүн.

Ал кээде олтурганда сууну карап,
акырын шуулдаса желге дарак,—
негедир жаштык чагы эске түшүп
ыр сабы көмөкөйдө кайталанат.

Байкалбас көп жоруктар ойдо калат,
көкүрөк көп нерсени сезип барат.
Акылга сыйбай турган далай иштен
аз-аздан тулку бою бүт ууланат.

Көк челген Ала-Тоонун караанынан,
көгүлтүр шиберлердин сабагынан —



байкатпай ыр саптарын терип алат
дем алат талаалардын шамалынан.

Урчуктуу аскаларга арсак-терсек
эгерде биз акындар бир күн келсек,—
кошобуз ырыбызга көркүн анын
көз менен байкалбаган сырын өлчөп!

Жаз болуп жашыл тартып жалаң көк чөп
турганда жаш сулууну эгер көрсөк! —
Акырын ырыбызга уурдамакпыз
биз анын көз отунан сезим көрсөк!

Ар кандай ак иш үчүн алоолонуп,
акындын жүрөгү бир кызыл байрак!
Ал кайра күндүн кызгылт нуру болуп
жарышмак шамал менен канат байлап!

## ЖАҢЫ НАСИЯТ

Бул аалам жалгыз сага берилбеген,
жашап көр — Ата Журтуң, элиң менен!
Өзүңө топтоп көргүн акыл-эркти
кыйындык күндөр келсе жеңилбеген.

Эгин эк, тоого барып! Же мал багыш.
Билим ал. Бийиктикке кергин арыш!
Көкүрөк алоолонуп турган чакта
уят иш жардам сурап жолдо калыш!

Бул күндө кол жетпеген эмне калды?
Кааласаң аралап уч булуттарды.
Тизгинин тагдырыңдын эркин таштап
унутпа саякаттап кыдырганды.

Эсиңе ал — үйрөтүүнү, үйрөнүүнү!
Жаныңа жолдош кылгын сүйгөнүңдү.

Максатты бардыгынан бийик койгун
алдаган тер төккөндөн — дүйнө кимди?

Эң алгач сыйынып ал туулган жерге?!
Жолдошсуз кусалыктан эрикkенде,
адамдык ыйманыңды бек карма да
сапар ал деңиздерден деңиздерге!

Эгерде мунун баарын каалабасаң —
мин анда тагдырыңды баспас кашаң.
Көңүлдү жубатаарлык мээнет тиер
кыйырын туулган журттун араласаң?!

Бардыгын аткарып көр адамзатым!
калбасын тирүүлүктө сенин акың.
Элиңдин кубанчына кубана бил
күлкүңдөн жердин бети жаңырыктасын!

Өртүнө чыдабасаң Намыс-Ардын
анда сен Туулган Жерден кетип калгын?!
Зыяның тийген чакта Ата-Журтка
таштай оор чым алдына жатып алгын?!

## ЗАМАНДЫН ЖАШ БАЛДАРЫ

Ж а ш т а р г а

Сыр жашыруу — адамга ал кандай оор,
жашыргандай жүзүндөгү кайгыны.
Жазбай коюу — акындарга ошондой
таштап кеткен сымак туулган айлыңы.

Куйүт менен ызалыктын салмагы
коргошундай оор неге мынчалык?
Бул замандын кийинки жаш балдары
жүрөбүз бейм кур дымакты курчанып!



Балапанга канат-куйрук жетилткен
биздин заман жулуу, жумшак уядай!
А биз жаштар конок өңдүү кечиккен
төрдү көздөп умтулабыз уялбай?!

О жигиттер, эркти колго алгыла!
Өзүн сүрдүү жана олуттуу көрсөткөн...
Балким шашып баратабыз алдыга
жаныбызда жакшы адамды көрбөстөн.

Биз өтө эле кетпедикпи ураалап!
Азгырылып мезгилдин тез шарына,—
пайдасы аз модаларды кубалап,
салам айтпай көптү билген карыга?!

## ЖОРУКТАР

Күнөөсүнө калса бирөө кыйланын
мен ыр жазбай келе берет ыйлагым?!
Арабызда жүрөт кээси билинбей
сатып ийип адамдык бүт ыйманын.

Кээ бирөөнүн бийик чыгат сөздөрү,
бирок, анда болбойт такыр өзгөрүү.
Пайда десе кара жанын карч уруп
тыйын болуп тегеренет көздөрү!

Билбейм алар не издешет өмүрдө?
Багыт албай тазалыктын өрүнө?!
Адам деген жып-жылаңач төрөлүп
жып-жылаңач кетет гөрдүн төрүнө!

Али бизден караңгылык кете элек,
али бизден эски адаттар өчө элек!
Өмүр бою тоюнбаган Ачкөздүк
бир күн келет түрмөлөргө жетелеп!

Өзүмчүлдүк өкүм сүрсө жулунуп,
кайда калат адамдагы улуулук?!
Көкүрөктү аздап-аздап май басса
түк аңдалбайт дүйнөдөгү сулуулук!

Бул өкүнүч — пайда алам деп тыйындан,
жаш чагында чынар болбой кыйылган.
Өмүрдөгү баа жетпеген
зор бакыт
болсо керек
маңдай терге сыйынган!!

## БАГЫБЫЗГА БУЛБУЛ КОНООР

— Мен эми эмне деймин?
Кылыгына балдардын кээде кейийм! —
Экөөбүз үйүбүздө балдар жокто
сырдашып олтурабыз көпкө чейин,—
болгон бир окуядан сөздү баштап
сынга алып тентектерин...
Алагды кылам сени ушул кезде
— Адам болуп калды! — деп Кээсин мактап,—
жатат деп суук болгондо
негедир күнү-түнү бутум какшап! —
акырын туруп келип
ары-бери басамын бир аз аксап.

Кеч күздө кыроо туруп жердин бети
муз болуп калуучу анда
зыркырап шамал жүрүп
ызгаар болуп тоонун кечи.
Жыңайлак көп жүргөнбүз сыз жер басып
бул оору дал ошонун кесепети.

Заматта булут ороп
калгансып күндүн көзүн,—



сен азга кабак чытып бүркөлөсүң?!
Жарк этип анан кайра,
шоола болуп төгүлөт айткан сөзүң?!

Азыраак нур жүгүрүп ырайыңа,
айтасың:
— Барсаңчы? — деп
бир айга Жалал-Абад ылайына! —
Рахмат сенин ушул кеңешиңе,
рахмат, сенин жылуу ырайыңа!
Жаз чыгып калбадыбы,
карлар кетип,
чилденин суук күндөрү эбак өтүп,
жадырап жайнап чыгып
байчечекей адырларга,—
март айы келе жатат
жашыл атчан бизге жетип!
Жаз келип калбадыбы.
карлар кетип!

Буюрса бул кыш ичи көп тооруган
сыздатып бастырбаган
кутулаармын мына ушул бут оорудан?!
Сенин да —
көңүлүң бир аз кушубак болоор?
Балдарың бойго жетип,
кемтигиң кайра толоор?!
Жаңы үйгө көчүп кирип
биздин да багыбызга булбул коноор?!
Сенин да —
көңүлүң бир аз
кушубак болоор!

## КАЛЕНДАРДЫН АКЫРКЫ БАРАГЫ

Күндөрү ушул жылдын бүтүп барат
барагы калды акыркы календардын.
Бул жылы тууган жерге
бир азыраак ырлар бердим,
бул жылы тууган жерден —
эсеби жок кубаныч алдым.
А бирок, алганымдын
кол каржысын кайтарбадым?!
Далай жерлерди кыдырып,
далай калааларга бардым!
Табийгат коздугуна суктанып
дайра, деңиз көркүнө оттой жандым!

Бул жылы — далай жердин авасын жутуп,
далай жердин нанын жеп,
суусун ичтим.
Далай жердин дайрасына чөмүлүп
далай жердин деңизине түштүм!
Досторум тосуп чыкса сагынышып,
кээ досумдун келишин
зарыгып күттүм.
Жакшыга да,
жаманга да жолуктум,
акылдуусу, акылсызы менен сүйлөштүм.

Бул жылы —
канча жердин жолдорун кадамдадым,
байкадым сылык-сыпаа адамдарын.
Акылдуусунан арбын-арбын кеңеш угуп,
жакшысынан канча бийик эргүү алдым!
Кээ бир жаман адамдардан жаным кейип
жакшысынын сөзүнө —
жылдыз болуп көктө жандым.

Алтын баш не күндөрдү көрдү?!
Өткөрдүм кубанычтуу мүнөттөрдү!



Күндөр болду махабатка оттой жанган,
жаз мезгилин өткөрдүм кумар канган.
Кээ бирөөнүн майдачыл пастыгынан,
ичинин тардыгынан —
күндөрүм болду далай ачууланган,
ызага толуп жүрөк капаланган.

Угулса эл ичинде ар түркүн кеп:
«Жакынкы Азияда чыр-чатак көп!»
«Боёлду кызыл канга Ливан жери»
«Багууда Палестина жанын эптеп!» —
газеттер дал ушинтип чуркурашса
кээ бирде коопсунам мен
дүрт этип бир өрт чыгып кетеби деп?!

Азыраак тынчый түштү Жердин боору!?
Минетип, коркунучтуу пульттан алды
адам колун!
Күйөм деп,
жарылам деп даяр турган
коркунучтуу ядер доору, атом доору!
Күрөш ачып тынчтык сүйгөн адамдар
согуш чогун өчүрдү да бир жолу!

Бир дагы ок чек арада атылбасын!
Сунулуп колдор колго
жүрөктөр жүрөктөргө жакындасын!
Кымындайдан топтолгон бакты-таалай
мезгилсиз баш-адамдан чачылбасын.
Бир дагы ок чек арада атылбасын!
Жалындап бийиктикке чыгып барып,
болду турган күндөрүм оттой жанып!
Айкындап бир максатты жүрөктөгү
кыңылдап бир тал гүлдү колума алып,—
тигилип булуттарга жазда жылган,
шамалга бийиктикте удургуган,—

күндөрүм болду менин алыстыкка
көз салып бүт ааламды карап турган!

Мынаке, бара жатат жыл аяктап,
калыптыр,
календардын эң акыркы барактары!
Алдыда жылдар келет келечектүү,
алдыда ай жаңырат канча жаңы!
Канчалык аткарылчу тилектер көп,
иштер көп аткарылчу калабалуу!
Түйшүгү жаңы жылдын арбын болсун,
бактылуу боло берсин элдин баары.
Мынаке,
бара жатат жыл аяктап
калыптыр
календардын эң акыркы барактары!

## АЙЫЛДАН КЕЛГЕН КАБАР

Айылдан кабар келди —
туугандардан...
Мал багып,
түшүм алып,
күрөш жагып
колхоздо тиричилик кылгандардан:
«Бүттү,— дейт,— эт планы,
сүт планы.
Бир гана өкүнүчтүү, аттиң арман,—
кой багып эмгегине машина алган,
баягы Сатыш деген биздин тууган
каза болуп калды дейт
авариядан!»

Бала-чака үйдөгү унутулуп,
калыптыр айыл ичи чууга тунуп.



Өзүнүн өлүмүнө —
өзүнүн көзү мурун жеткен өңдүү
кеткенин көрбөйсүңбү —
алты бөлмө үйдү куруп,
чарбасын бүт күлдөтүп!..
Жүрүүчү эле кайран жигит,
жанып мурут! —
Тамашалап теңтуштарын,
жар көчкөндөй шатырап ачык күлүп!

Кыйын эле болуптур балдарына,
кайгыны түшүрүптүр алганына.
Жардамын бердириптир төрага өзү
чыгымына-жардамына.
Тагдыр эй, кандай катаал,
Адамдын бир жак буту —
тирүүлүктө турса мына,
абири өлүм деген жарда тура!?
Азамат
ары ак көңүл адам эле
үйлөнгөн турмуштун бул жаргагына!

Адамга —
түбөлүккө берилбейт экен жарык?
Аялы жаткан чыгаар күйүп-жанып?!
Биз дагы камданалы,
алыбыздын жетишинче жардам алып
калалы бүгүн барып!
Эл менен бирге ыйлашып
кайталы мүрзөсүнө турпак салып.

## УБАКЫТ

Эсен-соолук сурашып
турбай чылым булатып,
колун булгап кошкун деп
кетип барат убакыт.

Келет сени суратпай
кетет агып булактай.
Эрип кетет жок болуп
бетке түшкөн бубактай.

Ак кагазга ыр жазып
муза менен сырдашып,
жатканымда кылактап
кетет тиги кырды ашып.

Албайт такыр көңүлдү.
Ондогуча өңүрдү,—
өтүп кетет...
ушинтип
түгөтүшөт өмүрдү!

Бөлүшкөнчө сырыңды,
тутантканча чылымды,
ашат кырды...
арыбай
артка таштайт кылымды?!

Бир убакта дечү элек:
«Мезгил али жете элек»! —
Келет бизди убакыт
карылыкка жетелеп!

## МАЗМУНУ


ЖЕР КИНДИГИН АЙЛАНУУ (ПОЭМА) . . . . . . . 3
КРЫМ ТААСИЛЕРИ (ЦИКЛ) . . . . . . . . . 41
БИР МАХАБАТ АРМАНЫ (БАЛЛАДА) . . . . . . . 55
АТА ЖУРТТУН ӨМҮРҮ . . . . . . . . . . . 60
АЛТЫН УЯМ . . . . . . . . . . . . . . 62
ТОО КОЙНУНДА . . . . . . . . . . . . . 63
КӨК ЧЕЛИП ТУРГАН ӨЛКӨМ . . . . . . . . 64
ЖАНДУУ ТОПУРАК . . . . . . . . . . . . 65
КАРА-КУЛЖА . . . . . . . . . . . . . . 66
ӨЗГӨН ШААРЫ ТУУРАЛУУ ЛЕГЕНДА . . . . . . 68
ОКТЯБРЬ БЕРГЕН ЭРКИНДИК . . . . . . . . 69
КУЧАКТАГЫ БӨБӨК . . . . . . . . . . . . 71
ҮРКҮН . . . . . . . . . . . . . . . . 72
ЖЕР БООРУНДА . . . . . . . . . . . . . 73
КООЗ ТАБИЙГАТ ТҮБӨЛҮККӨ ТУРСА ЭКЕН . . . . 74
АКЫН КЫЗЫР КЕЗИККЕНДЕ АКЫНГА . . . . . . 75
НАМЫСКА ЧАКЫРУУ . . . . . . . . . . . . 76
ЭЭЛЕНҮҮ ЖЕ БОЛБОСО ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ ЫР . . . . 78
ЭЛИМЕ ДЕГЕН БИР ТИЛЕК . . . . . . . . . 79
КАЙРАТ АЙТУУ . . . . . . . . . . . . . 80
АДАМ ЖАНА ТАБИЙГАТ . . . . . . . . . . 81
МУЗА . . . . . . . . . . . . . . . . 83
ТИЛЕКТҮҮ АДАМ . . . . . . . . . . . . 84
БИЗ УЧУП БАРАТАБЫЗ КҮНДӨР МЕНЕН . . . . . 87
КОШУМЧА САБАКТА . . . . . . . . . . . . 88
ПОЭЗИЯМ . . . . . . . . . . . . . . . 89
ТҮРКҮН ОЙЛОР БАШКА КЕЛЕТ КАЙДАГЫ . . . . 90
«ЫР ДЕГЕН УЙКАШТЫГЫН КЫНАПТАП» . . . . . 91
СПРАВКА . . . . . . . . . . . . . . . 92
ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ . . . . . . . . . . . 93
КЕЧКИ ШААР, ТАГДЫР, КАТ ЖАНА ЭНЕ . . . . 94
СЫРДАШУУ . . . . . . . . . . . . . . . 96
ӨЗҮМЧҮЛДҮК . . . . . . . . . . . . . . 97
АДАБИЯТ БАКАЙЫ . . . . . . . . . . . . 98
БУЛ ТУРМУШТУН МАҢЫЗЫ . . . . . . . . . 99
АКЫНДАР ТУРАЛУУ . . . . . . . . . . . 100
ЖАҢЫ НАСИЯТ . . . . . . . . . . . . . 101
ЗАМАНДЫН ЖАШ БАЛДАРЫ . . . . . . . . . 102
ЖОРУКТАР . . . . . . . . . . . . . . 103
БАГЫБЫЗГА БУЛБУЛ КОНООР . . . . . . . . 104
КАЛЕНДАРДЫН АКЫРКЫ БАРАГЫ . . . . . . . 106
АЙЫЛДАН КЕЛГЕН КАБАР . . . . . . . . . 108
УБАКЫТ . . . . . . . . . . . . . . . 109
СЕН ДЕГЕН ӨЛКӨСҮН . . . . . . . . . . 110
БИЗДИН ЖАШТЫК КУРАГЫБЫЗ КЕТТИ КАЙДА . . . 112
ҮЙ-БҮЛӨНҮ САГЫНУУ . . . . . . . . . . 114
ПОЕЗДДЕ . . . . . . . . . . . . . . . 116

**Литературно-художественное издание**

ТАШБАЕВ КАРМЫШАК

ЖИВАЯ ЗЕМЛЯ

Стихи, поэмы

Художник У. Осмоев

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

**көркөм-адабий чыгарма**

ТАШБАЕВ КАРМЫШАК

ЖАНДУУ ТОПУРАК

Ырлар, поэмалар

Редактору *О. Көчкөнов*
Сүрөтчүсү *У. Осмоев*
Сүрөт редактору *А. Момуналиев*
Техн. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Б. Сатыбалдиева*

ИБ № 291

Терүүгө 20. 07. 89. берилди. Басууга 20. 12. 89. кол коюлду. Д—02125. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70×90¹/₃₂. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 3,5 физ. басма табак, 4,09 шарттуу басма табак, 4,76 учеттук басма табак, 4,24 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 3000. Заказ № 145. Баасы 50 т.

«Адабият» басмасы
720361, ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

50 т.



Фрунзе
„Адабият"
1990